**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

# БАНК ТУТУМУНУН ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

**2005-ЖЫЛДЫН БИРИНЧИ ЖАРЫМ ЖЫЛДЫГЫ (7)**

●

**НАЦИОНАЛЬНЫЙ БАНК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТЕНДЕНЦИИ РАЗВИТИЯ БАНКОВСКОЙ СИСТЕМЫ

**ПЕРВОЕ ПОЛУГОДИЕ 2005 ГОДА (7)**

**БИШКЕК 2005-жыл**

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрайым: | Джаныбекова С.Э. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Цыплакова Л.Н. |
| | Алыбаева С.К. |
| | Еремеева Е.А. |
| | Лайлиева М.Д. |
| | Ли А.Ч |
| | Садыкова Н.О. |
| | Сулайманов А.А. |
| Жооптуу катчы: | Джапарова Ч.А. |

Бул басылманы даярдоого негизинен төмөнкү кызматкерлер катышкан:
Джапарова Ч. (1,2-бөлүктөр), Таштаналиев К. (3-бөлүк), Дүйшеналиева Б. (4-бөлүк), Броницкая Г. (4.2-бөлүк), Бутабаев Р. (5-бөлүк), Садыркулова С. (6-бөлүк).

Уюштуруучусу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде каттоодон өткөн. Жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндөгү 2002-жылдын 18-сентябрындагы №783-күбөлүккө ээ.

©Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы, 2005-жыл.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз, кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда "Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары" басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.
ЖЧК "Кыргыз Республикасынын банк кабарчысы" басма борборунда басылып чыгарылат.
720071,Бишкек шаары, Чүй проспекти, 265, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биология институтунун имараты, 3-кабат 354, 355 бөлмөлөр.
Телефону (3312) 657693, 243 801
Факсы (312) 657693
350 нускада чыгарылат.

РЕДАКЦИОННЫЙ СОВЕТ:

| | |
|---|---|
| Председатель: | Джаныбекова С.Э. |
| Члены совета: | Цыплакова Л.Н. |
| | Алыбаева С.К. |
| | Еремеева Е.А. |
| | Лайлиева М.Д. |
| | Ли А.Ч. |
| | Садыкова Н.О. |
| | Сулайманов А.А. |
| Ответственный секретарь: | Джапарова Ч. |


Основными исполнителями подготовки настоящей публикации являются следующие сотрудники:
Джапарова Ч. (разделы 1, 2), Таштаналиев К. (раздел 3), Дуйшеналиева Б. (раздел 4),
Броницкая Г. (раздел 4.2), Бутабаев Р. (раздел 5), Садыркулова А. (раздел 6).

Учредитель: Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации
СМИ № 783 от 18.09.2002 года.
© Национальный банк Кыргызской Республики, 2005.
Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами
без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка
на издание "Тенденции развития банковской системы" обязательна.

Издается в издательском центре ОсОО "Банковский вестник КР".
720071, Бишкек, пр. Чуй, 265, здание Института биологии Академии наук КР, 3 эт., каб. 354, 355
Тел: (312) 657693, 243801.
Факс: (312) 657693.
Тираж 350 экз.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***

Кыргызстандын банк тутумунун өнүгүшүнө финансылык ортомчу катары, иликтөөлөрдү жүргүзүү жана ага баа берүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктардын бетин ачуу, ошондой эле Кыргызстандын банк тутумунун турукташуусунун составдык элементтерине баа берүү "Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары" басылмасынын максаты болуп саналат. Басылма 1-январга жана 1-июлга карата абал боюнча кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Маалыматтарды жаңыртуунун акыркы күнү: 2005-жылдын 21-ноябры

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын
Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо Башкармалыгына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 652 456 телефону,
(996312) 653344 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта:chjaparova@nbkr.kg

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***

Жылдык отчет Улуттук банктын жыл ичиндеги бүткөргөн иши жөнүндө толук отчету болуп саналат. Ал экономиканын реалдуу секторунун иштеп турушунун өзгөрүшүнүн жыйынтыктарынын кыскача мүнөздөмөсүн, ошондой эле акчакредит чөйрөсүндөгү Улуттук банктын чечимдерин жана аракеттерин чагылдырат. Өзүнө: экономикалык өнүгүү жана акчакредит саясаты жөнүндө маалыматты, финансылык отчетту, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***

Улуттук банктын бюллетени Кыргыз Республикасынын анык сектор, финансылык жана тышкы экономикалык сектор, ошондой эле мамлекеттик финансы боюнча макроэкономикалык көрсөткүчтөрүн камтыйт. Бюллетенди даярдоодо Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика комитетинин, Финансы министрлигинин, коммерциялык банктардын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар боюнча Мамлекеттик комиссиясынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын материалдары пайдаланылат. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***

Бул басылмада Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү акыркы тенденциялар чагылдырылган жана төлөө балансынын аналитикалык жана нейтралдуу формасы, тышкы сооданын түзүмү, эларалык камдар, тышкы карыз, ошондой эле эларалык инвестициялык позициясы боюнча маалыматтар менен таблицалар камтылат. Басылма чейрек сайын, январь май, июль жана октябрь айларында жарыяланып турат.

***Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама***

Баяндама республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын сүрөттөлүп жазылышын, инфляциянын негизги факторлорунун анализденишин, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредиттик саясат жаатындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана келерки чейрекке инфляциялык болжолдоолорду келтирет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***

Улуттук банктын пресс-релизи Улуттук банкта жана банк тутумунда болуп өткөн окуялар түрмөгүн, финансы рыногу боюнча ыкчам маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***

Бул басылма Кыргыз Республикасын банктык мыйзамдарын түзүүчү ченемдик документтер менен коммерциялык банктарды жана коомчулукту камсыз кылуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоону билдирет. Журнал айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

Бардык басылмалар Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын буйругу менен бекитилген тизмеге ылайык таркатылат жана http://www.nbkr.kg дареги боюнча web-сайтка жайгаштырылат.

## *Тенденции развития банковской системы*

Цель издания "Тенденции развития банковской системы" состоит в анализе и оценке развития банковской системы Кыргызстана как финансового посредника, выявлении препятствий для достижения и поддержания стабильности, а также в оценке составных элементов стабильности банковской системы Кыргызстана. Публикуется по состоянию на 1 января и 1 июля года на кыргызском, русском и английском языках.

Последний день обновления данных настоящей публикации: 21 ноября 2005 года.

По вопросам, связанным с содержанием публикации, можно обратиться по адресу:

г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101.
Национальный банк Кыргызской Республики
Управление методологии надзора и лицензирования
телефон: (996 312) 652 456
факс: (996 312) 653 344
электронная почта: chjaparova@nbkr.kg

## Другие издания Национального банка Кыргызской Республики

***Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики***

Годовой отчет НБКР является полным отчетом о проделанной работе Национального банка за отчетный год и содержит краткую характеристику результатов изменений функционирования реального сектора экономики, а также описание решений и действий Национального банка в денежно-кредитной сфере. Отчет включает в себя: информацию об экономическом развитии и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность, общие сведения о Национальном банке, статистические приложения. Публикуется на кыргызском, русском и английском языках.

***Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики***

Бюллетень НБКР содержит макроэкономические показатели Кыргызской Республики по реальному, финансовому и внешнеэкономическому секторам, а также по государственным финансам. При подготовке бюллетеня используются материалы Национального статистического комитета, Министерства финансов, коммерческих банков, Государственной Комиссии при Правительстве Кыргызской Республики по рынку ценных бумаг и Национального банка Кыргызской Республики. Публикуется ежемесячно на кыргызском, русском и английском языках.

***Платежный баланс Кыргызской Республики***

В данном издании отражены последние тенденции в развитии внешнего сектора и содержатся таблицы с данными по аналитической и нейтральной формам платежного баланса, структуре внешней торговли, международным резервам, внешнему долгу, а также международная инвестиционная позиция Кыргызской Республики. Публикуется ежеквартально - в январе, мае, июле, октябре.

***Обзор инфляции в Кыргызской Республике.***

Обзор содержит описание динамики потребительских цен в республике и ее регионах, анализ основных факторов инфляции, информацию о решениях Национального банка Кыргызской Республики в области денежно-кредитной политики и представляет прогноз инфляции на предстоящий период. Публикуется ежеквартально на кыргызском, русском и английском языках.

***Пресс-релиз Национального банка Кыргызской Республики***

Пресс-релиз НБКР содержит хронику событий, происходящих в Национальном банке и банковской системе в целом, оперативную информацию по финансовому рынку. Публикуется еженедельно на кыргызском и русском языках.

***Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики***

В указанном издании официально публикуются нормативные акты Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами, формирующими банковское законодательство Кыргызской Республики. Предположительная периодичность издания Журнала - один раз в месяц на кыргызском и русском языках.

Все публикации распространяются согласно перечням, утвержденным распоряжениями Председателя Национального банка Кыргызской Республики и размещаются на Web-сайте по адресу: http://www.nbkr.kg

# УРМАТУУ ОКУРМАНДАР,

Улуттук банктын «Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары» басылмасынын редакциялык кеңеши басылманын кароого сунушталып жаткан ушул чыгарылышынан тартып кийинки чыгарылыштары кыргыз жана орус тилдеринде бир номерде бериле тургандыгын билдирет. Бул окурмандар үчүн ыңгайлуу болооруна ишенебиз жана Сиздерден басылма боюнча ой-пикирлерди күтөбүз.

# МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ ........ 8

I. ФИНАНСЫ-КРЕДИТТИК СИСТЕМАНЫН АБАЛЫ ........ 9

II. БАНК ТУТУМУНУН АБАЛЫ ........ 11

2.1. Банк тутумунун түзүмү ........ 11
2.2. Тобокелдиктер ........ 15
2.2.1. Кредиттик тобокелдик ........ 15
2.2.2. Ликвиддүүлүк тобокелдиги ........ 16
2.2.3. Концентрациялануу тобокелдиги ........ 17
2.3. Капиталдын шайкештиги (адекваттуулугу) ........ 18
2.4. Финансылык натыйжалар ........ 20
2.4.1. Кирешелүүлүк ........ 20
2.4.2. Накта пайда ........ 20
2.4.3. Натыйжалуулук ........ 21
2.5. Банк тутумунун ролу ........ 21

III. БАНКТЫК ЭМЕС ФИНАНСЫ-КРЕДИТТИК МЕКЕМЕЛЕР ........ 25

3.1. Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер тутумунун абалы ........ 25
3.2. Кредиттик портфелдин түзүмү ........ 26
3.3. Кредиттик портфелдин динамикасы ........ 27
3.4. Негизги тобокелдиктер ........ 27

IV. ТӨЛӨӨ СИСТЕМИ ........ 28

4.1. Банктык продуктылар, тарифтер жана кызмат көрсөтүүлөр ........ 28
4.2. Нак жана нак эмес акча жүгүртүүлөрү ........ 28

V. РЕАЛДУУ СЕКТОРДУН АБАЛЫ ........ 35

5.1.Үй чарбасы ........ 35
5.1.1. Финансы-кредиттик мекемелердин алдындагы милдеттенмелер ........ 35
5.1.2. Калктын жыйымдары ........ 36
5.2. Корпоративдик сектор ........ 37
5.2.1. Финансы-кредиттик мекемелердин алдындагы милдеттенмелер ........ 37
5.2.2. Дебитордук жана кредитордук карыздардын абалы ........ 38
5.2.3. Финансылык натыйжалар ........ 39

VI. АТАЙЫН КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕЛЕР ........ 40

# КИРИШҮҮ

2005-жылдын биринчи жарымында Кыргызстандын банк тутуму реалдуу секторду кредиттөөнүн көлөмүн көбөйтүүнү уланткан. Мында банк тутумунун ликвиддүүлүгүнүн олуттуу запасы жана капиталынын шайкештигинин жогорку деңгээли коммерциялык банктарда финансылык ортомчулукту андан ары кеңейтүү, кирешелүүлүктү жогорулатуу жана банк тутумунун активдерин жана капиталын майнаптуу пайдалануу үчүн потенциалдарынын бар экендигин ырастап турат.

Узак мөөнөттүү кредиттердин өсүшү, ошондой эле банктардын туракжайларды кредиттөө жаатындагы иш-аракеттеринин активдешкендиги белгиленүүдө, бул экономиканын турукташуусу фактору катарында каралмакчы.

Концентрациялануу тобокелдигинин төмөндөп жаткандыгы байкалууда. Кредиттик тобокелдиктин каралган мүнөздөмөлөрү, анын келечекте мүмкүн болуучу өсүү факторлору орун алып жатса дагы, учурда анын жогорулашы жөнүндө мүнөздөбөйт.

Банк тутумунун активдерди жана капиталды пайдалануу көз карашынан алгандагы натыйжалуулугунун жакшырып жаткандыгы уланууда, кредиттик операциялардын жана баалуу кагаздар менен операциялардын кирешелүүлүктөрүнүн өскөндүгү байкалууда.

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин (БЭФКМ) кредиттик портфелинин анын сапатынын жакшыруусу менен коштолгон өсүшү уланууда. Ошону менен бирге, БЭФКМдин активдерди жана капиталды пайдаланууларынын натыйжалуулугу төмөндөөдө. БЭФКМдин кредиттери негизинен, айылчарба жана соода долбоорлорун каржылоого багытталат, алардын негизги концентрациялануу тобокелдиги дагы мына ушуга байланыштуу.

Үйчарбасы секторунда анык акча кирешелеринин атамал мааниде сыяктуу эле, анык мааниде дагы өсүшү белгиленүүдө, бул банк тутуму үчүн ресурстар рыногунда белгилүү бир потенциалдын бар экендигин ырастай алат. Ошону менен катар, банк тутумунун депозиттер түзүмүндө үйчарбасынын депозиттеринин үлүшүнүн төмөндөөсү банк тутумунун финансылык каражаттарынын булактарынын түзүлүүсүндө артыкчылык берилген багыттардын алмашылгандыгын чагылдырат.

Жүгүртүүдө акчалардын өсүшү экономиканын акчаларга карата анык муктаждыгы менен шартталган жана аларга карата суроо-талаптын жогорулагандыгын чагылдырат.

Ошентип, бүтүндөй алганда коммерциялык банктардын капиталдык базаларынын бекемделүүсү, финансы-кредиттик системанын кредиттик портфелинин өсүшү, банктык жана төлөө кызмат көрсөтүүлөрүнүн чөйрөсүнүн кеңейиши жана сапатынын жакшырышы, ошондой эле банк бизнесинин майнаптуулуугунун жогорулоосу орун алган, бул өлкөдө макроэкономикалык жагдайдын стабилдешүүсүнүн факторлору болуп саналат.

***

"Атайын каралуучу маселелер" бөлүгүндө Кыргыз Республикасындагы банк мыйзамдарын өркүндөтүүнүн багыттары жөнүндө маалымат келтирилген.

# I. ФИНАНСЫ-КРЕДИТТИК СИСТЕМАНЫН АБАЛЫ

**1.1-график. Чогуу алгандагы кредиттик портфелдин (КП) түзүмү, %**




**1.2-график. Финансы-кредиттик системанын (ФКС) кредиттик портфелинин (КП) ИДПга карата өзгөрүү динамикасы пайыздар менен**




Финансы-кредиттик системанын[1] чогуу алгандагы кредиттик портфели 2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 10546,6 млн. сомду түзгөн, анын түзүмү 1.1-графикте келтирилген. Банк тутуму 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында анын финансы-кредиттик системанын чогуу алгандагы кредиттик портфелинин түзүмүндөгү үлүшү банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин (БЭФКМ) үлүшүнүн тиешелүү өсүшүндө 60,6 пайыздан 58,9 пайызга чейин төмөндөсө дагы, финансы-кредиттик системада өзүнүн үстөмдүк кылуу абалын улантып жатат. Банкрот банктардын кредиттик портфелинин үлүшү төмөндөөнү улантууда.

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында финансы-кредиттик системанын финансылык ортомчулугунун чогуу алгандагы кредиттик портфелдин ички дүң продуктыга (ИДП)[2] карата катышы катары аныкталуучу көрсөткүчү өсүүнү уланткан жана 10,9 пайызды түзгөн (1.2-графикти караңыз). Финансылык ортомчулук деңгээлинин белгиленген өсүшү, эң башкысы, БЭФКМдин кредиттик портфелинин өсүшү менен байланыштуу. Алып көрсөк, банк тумунун жана БЭФКМдин кредиттик портфелдеринин өсүш арымдары тиешелүүлүгүнө жараша, 3,2 жана 17,2 пайызды түзгөн. Ошону менен катар, финансы-кредиттик мекемелер системасынын финансылык ортомчулугунун өсүш арымы 2004-жылдын экинчи жарым жылдыгындагы 31,9 пайыздан 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы 6,8 пайызга чейин төмөндөгөн.

Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун толтурууга карата камдардын көлөмүнүн (РППУ) банк тутумунун жана БЭФКМдин кредиттик портфелдерине карата катышынын динамикасын анализдөөнүн негизинде финансы-кредиттик системанын кредиттик портфелинин сапатынын айрым бир начарлоосу белгиленүүдө (1.3-графикти караңыз).

---

[1] Финансы-кредиттик системанын анализденип жаткан көрсөткүчү катары, бул жерде иштеп жатышкан коммерциялык банктардын, банкроттолуу процессинде турган коммерциялык банктардын жана Улуттук банктан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредитик мекемелердин көрсөткүчтөрү каралат. Андан ары, финансы-кредиттик системанын калган секторлору боюнча маалыматтарды алуу менен анализдөө объектиси кеңейет.

[2] Эсептешүүлөрдө ИДПнын өткөн жылдын 1-июлунан тартып анализдөөгө алынып жаткан жылдын 1-июлуна чейинки өлчөмү пайдаланылган.

Алып көрсөк, коммерциялык банктар системасынын РППУсу 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин РППУсунун дээрлик өзгөрбөгөн деңгээлинде 7,7 пайыздан 8,3 пайызга чейин өскөн.

1.4- графикте[3] коммерциялык банктар (улуттук жана чет өлкө валютасында) жана банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер[4] тарабынан берилген кредиттер боюнча "роза" деп аталуучу орточо салмактанып алынган пайыздык чендер келтирилген, бул белгилүү бир даражада кредиттик ресурстардын наркынын өзгөрүү деңгээлине жана багытына баа берүүгө мүмкүндүк берет. Орточо салмактанып алынган пайыздык ченинин олуттуу төмөндөөсү микрофинансылык уюмдардын кредиттери боюнча гана байкалууда. Бул кредиттик кызмат көрсөтүүлөр рыногунда атаандаштыктын күчөшүнүн натыйжасы болуп, мында МФУдын кредиттери үчүн атаандаштык баа болуп, кредиттик союздардын кредиттерине карата баа, алар тарабынан көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн жана карызгерлердин категорияларынын окшоштугунун негизинде санала тургандыгын болжолдоого болот.

Ошондой эле, кредиттик союздар дээрлик "жабык" мекеме болуу менен (кредиттик союздун депозиторлору ошол эле учурда анын карыз алуучулары болуп саналышат, ушуга байланыштуу кызмат көрсөтүүлөрдүн баасы бир кыйла төмөн деңгээлде белгиленет) жетишерлик жогорку пайыздык чендерди сунушташат.

Ошентип, Кыргызстандын финансы-кредиттик системасынын абалы учурдагы мезгилде төмөндөгүдөй мүнөздөлүүдө:

- финансылык ортомчулугунун көрсөткүчүнүн өсүш динамикасынын уланышы менен, мында БЭФКМдин финансылык ортомчулугунун өсүшү коммерциялык банктар системасына караганда бир кыйла жогорку темп менен мүнөздөлөт;

- БЭФКМдин кредиттик портфелинин сапаттык мүнөздөмөсүнүн жакшырышы менен жана коммерциялык банктар системасында кредиттик портфелдин сапатына бир кыйла консервативдик баа берүү менен.

**1.3-график. Банк тутумунун жана БЭФКМнын кредиттик пайыздар портфелиндеги атайын РППУнун деңгээли**




**1.4-график. Ар кандай ФКМнын кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин "таркалышы"**

*пайыздар*




---

[3] 1.4.-графикте пайдаланылган кыскартуулар: КБ, ул вал.- коммерциялык банктар, улуттук валюта, КБ, чет вал.-коммерциялык банктар, четөлкө валютасы, КС-кредиттик союздар, МФУ- микрофинансылык уюмдар, КАФК- Кыргыз айылчарба финансы корпорациясы.

[4] 1.4-графигинде ломбарддардын кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган чендер чагылдырылган эмес. Ломбарддагы кредиттер 2004-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча орточо салмактанып алынган ченде 155,2%, 2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 180,0% берилген.

# II. БАНК ТУТУМУНУН АБАЛЫ

## 2.1. Банк тутумунун түзүмү

**2.1.1-график. Активдердин, кредиттердин жана депозиттердин ИДПга карата пайыз менен өзгөрүү динамикасы**




**2.1.2-график. Банк тутумунун түзүмүнүн өзгөрүүсү**




Кыргызстандын банк тутуму 2005-жылдын биринчи жарымында 19 коммерциялык банктан (Эсептешүү-Сактык компаниясын жана Пакистан Улуттук банкынын филиалын кошо алганда) турган. Алардын ичинен 14 банктын капиталында четөлкөлүктөр катышкан болсо, 9 банкта четөлкөлүк катышуучулар 50 пайыздан көбүрөөктү түзгөн.

2005-жылдын биринчи жарымында финансылык ортомчулуктун функциясы анын курамдык элементтеринин түрдүү багыттуулугу менен мүнөздөлөт (2.1.1- графикти караңыз). Алып көрсөк, финансылык ортомчулуктун көрсөткүчүнүн банк тутумунун активдерине жана депозиттик базасына салыштырмалуу төмөндөөсү байкалган. Эгерде, өткөн мезгилдерде активдердин жана депозиттердин банк тутумунун кредиттик портфелинин өсүшүнө салыштырмалуу алдыга озуу менен өсүшү, эң башкысы, банктардын биринин квазиактивдүү операцияларынын өсүшү (б.а. ностро-эсептери жана алар менен депозиттик эсептерди корреспонденттөөчү операциялар) менен байланыштуу болгон болсо, бир банктын ностро-эсеби боюнча операциялардын көлөмүнүн кыскаруусунан улам болгон активдердин учурдагы төмөндөөсү финансылык ортомчулуктун начарлоосу катары каралбоого тийиш. Мындан дагы, кредиттердин ИДПдагы үлүшүнүн өсүшү 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында банк тутуму өлкөнүн реалдуу секторунун өнүгүүсүнө өзүнүн таасирин акырындык менен көбөйтүүнү улантып жаткандыгын күбөлөйт. Алып көрсөк, финансылык ортомчулуктун кредиттер боюнча өлчөмү 2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 6,4 пайызды түзгөн (жылдын башталышына карата 6,2 пайыз). Ошентип, 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында финансылык ортомчулуктун өсүшүнүн негизги фактору болуп, банк тутуму тарабынан кредиттөөнүн көлөмүнүн кеңейиши саналат.

Банк тутумунун түзүмүн (2.1.2-график) "ири", "орто" жана "чакан" банктардын[5] тобу тарабынан ээленген рыноктун сегментинин көз карашынан анализдөөдө, 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында "ири" банктардын рыноктук үлүшүнүн (73 пайыздан 69 пайызга чейин) жана "орто" банктардын рыноктук үлүшүнүн (11 пайыздан 8 пайызга чейин) айрым бир төмөндөгөндүгүн, "чакан" банктардын рыноктук үлүшүнүн (16 пайыздан 23 пайызга чейин) өскөндүгүн көрсөтүүдө. "Ири банктар" сегменти эки банк менен көрсөтүлгөн жана "ири банктардын" рыноктук үлүшүнүн 69 пайызынан 52,3 пайызы активдердин жана депозиттердин өлчөмү боюнча бир банкка таандык экендигин белгилөөгө болот. "Ири банктар" тобунун рыноктук үлүшүнүн жана алардын банк тутумунун кредиттик портфелдеги үлүшүнүн катышы белгиленген бир банктын таасирин эске алуу жана албоо менен (б.а. корректирленген) 2.1.3-графикте көрсөтүлгөн.

Банк тутумунун финансылык ортомчулугун мүнөздөө үчүн финансылык ортомчулуктун негизги элементтери-депозиттик базасынын, банк тутумунун активдеринин түптөлүшү тенденциялары каралган.

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында *банк тутумунун депозиттик базасынын* өсүшү уланган, мында анын өсүшү 32,1 пайызды түзгөн, бирок финансылык ортомчулуктун өлчөмү депозиттик база көзкарашынан алып караганда, 11,8 пайыздан 11,0 пайызга чейин төмөндөгөн. Банк тутумунун депозиттик базасын "долларлаштыруунун" деңгээли 71,3 пайызды түзгөн жана 2002-жылдын 1-июлунан берки мезгилдин ичинде бир кыйла чоң көрсөткүч болуп саналат. Мында, депозиттердин олуттуу бөлүгүн юридикалык жактардын четөлкө валютасындагы депозиттери (58,9 пайыз) түзгөн. Депозиттерди "долларлаштыруунун" жогорку деңгээли коммерциялык банктардын ишаракеттеринин тышкы факторлордун таасирине белгилүү деңгээлде көзкаранды экендигин билдирет.

*Банк тутумунун кредиттик портфели* 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында 10,1 пайызга өскөн. Четөлкө

**2.1.3-график. 2005-жылдын 1-июлуна карата "ири" банктар тобунун рыноктук үлүшүнүн катышы жана рыноктун сегменти боюнча алардын үлүшү**




**2.1.4-график. Банк тутумунун депозиттеринин валюталардын түрлөрү боюнча түзүмүнүн өзгөрүүсү**




---

[5] Ушул басылмадагы анализ берүүлөрдүн максаты үчүн "ири" банктар катары, банк рыногундагы үлүшү 10 пайыздан ашкан (суммардык активдердеги, кредиттердеги жана депозиттердеги орточо үлүш), "орто" банктар - 5 пайыздан 10 пайызга чейин жана "чакан" банктар 5 пайыздан азыраак болгон банктар түшүндүрүлөт.

**2.1.5-график. Банк тутумунун кредиттик портфелинин түзүмүнүн валюталардын түрлөрү боюнча өзгөрүүсү**




**2.1.6-график. Банк тутумунун кредиттик портфелинин түзүмүнүн жайгаштыруу мөөнөттөрү боюнча өзгөрүүсү**




**2.1.7-график. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча пайыздык чендердин мүнөздөмөлөрүнүн өзгөрүүсү**
*(пайыздар менен)*




валютасындагы депозиттердин олуттуу үлүшү банк тутумунун кредиттик портфелинин түзүмүн дагы шарттаган жана ошол эле учурда анын олуттуу бөлүгү четөлкө валютасындагы кредиттерден турган (69,3 пайыз). Мында банк тутумунун кредиттик портфелинин "долларлаштыруунун" деңгээлинин 70,3 пайыздан 69,3 пайызга чейин айрым бир төмөндөөсү байкалган (2.1.5-графикти караңыз).

Узак мөөнөттүү кредиттердин өскөндүгү белгиленген: 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында алардын үлүшү 27,5 пайыздан 30,4 пайызга чейин өскөн, ал эми абсолюттук мааниде өсүш 21,9 пайызды түзгөн, бул экономикадагы стабилдешүү жөнүндө күбөлөөчү факторлордун бири катары каралышы мүмкүн. Олуттуу салыштырмалуу салмакты кыска мөөнөттүү кредиттердин (69,6 пайыз), алардын үлүшүнүн айрым бир төмөндөөсүндө, ээлеп жаткандыгы дагы деле улануууда (2.1.6-графикти караңыз).

Ортомчулуктун наркына баа берүү үчүн кредиттер боюнча пайыздык чендердин вариациялануу коэффициенти, кредиттер боюнча орточо жана орточо салмактанып алынган пайыздык чендер сыяктуу мүнөздөмөлөр каралды.

Алып көрсөк, позитивдүү факторлор катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот: (1) четөлкө валютасында сыяктуу эле, улуттук валютадагы кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен орточо ченден төмөн бойдон калып жаткандыгын улантууда, бул ортодон төмөн ченде кредиттөөнүн көлөмү бир кыйла жогору чен боюнча кредиттөөнүн көлөмүнөн артып тургандыгын күбөлөйт; (2) улуттук валютадагы кредиттер боюнча вариациялануу коэффициенти өскөн (б.а. айрым кредиттер боюнча пайыздык чен-

дердин кредиттерге карата орточо баага тиешелүү таркашынын көбөйүүсү), бул атаандаштыктын жетишсиз деңгээли жөнүндө айгинелеп турат (2.1.7, 2.1.8- графиктерди караңыз).

Ошентип, банк тутуму өзүнүн ортомчулук функциясын жүзөгө ашырууда төмөндөгүдөй тенденциялар менен мүнөздөлүүдө:

- банк тутумунун депозиттик базасын "долларлаштыруунун" жогорку деңгээли сакталып калууда;

- банк тутумунун кредиттерге карата финансылык ортомчулугунун көрсөткүчү өскөн;

- узак мөөнөттүү кредиттердин өсүшү уланууда.

**2.1.8.-график. Четөлкө валютасындагы кредиттер боюнча пайыздык чендердин мүнөздомөлорүнүн өзгөрүүсү**
*(пайыздар менен)*



## 2.2. Тобокелдиктер

### 2.2.1. Кредиттик тобокелдик

Кредиттик тобокелдик банк ишин коштоп жүрүүчү негизги тобокелдиктердин бири болуп саналат. Бул бөлүктүн чегинде банктардын кредиттик тобокелдиктерди камтуучу активдүү операциялары каралат.

Активдердин сапатын баалоо үчүн аларды классификациялоо системасы пайдаланылат, ал активдердин кайтарылбай калуу тобокелдиктеринин деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет жана банктын потенциалдуу жоготууларынын жана чыгым тартууларынын ордун жабууга камдарынын эсептелинген деңгээли менен салыштырылат. Ошентип, активдерди классификациялоо бир фактордун -кайтарылбай калуу тобокелдигинин ар кандай деңгээлдерин туюндуруучу болуп саналат. Демек, банк тутумунун кредиттик тобокелдигине эки фактордун - классификацияланууга таандык болгон активдерде классификацияланган активдердин үлүшүнүн жана активдердин кайтарылып келбей калуу тобокелдигинин көрсөткүчтөрүнүн айкалуушусунун негизинде баа берүү (2.2.1.1-график) - банк тутумунун активдеринин сапатынын жогорулабагандыгы жөнүндө айгинелеп турат.

Кредиттик портфелдин сапатын анализдөөдө кредиттик портфелдин сапатынын начарлашынын алгачкы белгилерин чагылдыруучу иштетилбеген жана мөөнөттөрү өтүп кеткен кредиттерге көңүл бурулат. 2005-жылдын биринчи жарымында иштетилбген кредиттердин үлүшүнүн төмөндөгөндүгү байкалган, ошол эле учурда мөөнөттөрү өтүп кеткен кредиттердин үлүшү өскөн (2.2.1.2-график). Кредиттердин мөөнөтүнүн, эң башкысы, карыз алуучулардын тышкы чөйрөдө чарба жүргүзүүлөрүнүн өзгөрүүсү менен байланыштуу (ушул жылдын март айындагы окуялар) өзгөргөндүгүн эске алсак, аталган көрсөткүчтөрдүн катышы каралып жаткан мезгилде кредиттик тобокелдиктин көбөйбөгөндүгүн күбөлөйт.

Кредиттик тобокелдиктин өсүү төмөндөө факторлорунун бири катары "байкоо астындагы кредит катары классификацияланууучу кредиттердин динамикасын кароого болот. Мындай кредиттердин салыштырмалуу салмагы 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында өзгөрүүсүз деңгээлде калып, мында бул деңгээл 2003-жылдан тартып эң жогорку болуп санала тургандыгын байкоого болот (2.2.1.3-графикти караңыз). Жогоруда аталган динамиканы классификацияланган кредиттердин үлүшүнүн өсүшүн эске алсак, "байкоо астындагы" кредиттерге карата тиешелүү мониторингге көңүл бурулбай калышы келечекте банк тутумунун кредиттеринин кайтарылбай калуу тобокелдигинин көбөйүү фактору болуп калмакчы.

**2.2.1.1-график. Банк тутумунун активдеринин кредиттик тобокелдиктеринин өзгөрүүсү**




**2.2.1.2-график. Банк кредиттик портфелиндеги иштетилбеген жана мөөнөтү өтүп кеткен кредиттердин үлүшүнүн өзгөрүүсү**




**2.2.1.3-график. Кредиттик тобокелдиктин факторлорунун динамикасы**



Ошентип, бүтүндөй алганда, кредиттик тобокелдиктерди мүнөздөөчү каралган көрсөткүчтөр, келечекте кредиттик тобокелдиктин мүмкүн болуучу өсүү факторлору орун алып турса дагы, учурдагы мезгилде кредиттик тобокелдиктин жогорулашы жөнүндө айгинелебейт.

### 2.2.2. Ликвиддүүлүк тобокелдиги

Калктын банк тутумуна ишеними банктардын өз милдеттенмелеринин өз убагында аткарууларынан көзкаранды, бул ликвиддүүлүктүн жетиштүү түрдөгү деңгээли менен камсыз болот. Регулятивдүү максаттарда ликвиддүүлүк тобокелдиги ликвиддүүлүктүн экономикалык ченемдеринин жардамы менен өлчөнөт[6]. Банк тутуму тарабынан колдоого алынуучу бул ченемдин иш жүзүндөгү деңгээли дагы деле болсо жогору бойдон кала берүүдө. Банк тутуму боюнча орточо алганда, 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында ал өткөн жылдагыга салыштырмалуу 7,6 пайыздык пунктка көбөйүү менен 83,5 пайызды түзгөн. Ликвиддүүлүктүн көрсөткүчүнүн иш жүзүндөгү маанисинин ченемден олуттуу артышы финансылык ортомчулуктун кеңейиши жана банк тутумунун кирешелүүлүгүнүн өсүшү үчүн колдо мүмкүндүктүн бар экендигин ырастап турат.

Ликвиддүүлүк ченеми банк тутумунун ликвиддүүлүк тобокелдигинин жалпыланган мүнөздөмөсү болуп саналгандыгын эске алуу менен, башка баа берүүчү көрсөткүчтөр каралды. Алып көрсөк, 2.2.2.1-графикте банктардын каражаттарынын булактары менен жайгаштырууларынын ортосундагы өзара байланыш берилген. Ликвиддүүлүктүн көрсөткүчүнүн жогорку деңгээли каражаттардын булактарынын[7] туруктуулугунун төмөнкү деңгээли менен коштолгон, 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында бул көрсөткүчтүн динамикасынын айрым бир жакшыргандыгы байкалса дагы, ал 2005-жылдын 1-июлуна карата 29,1 пайызды түзгөн. Банктардын[8] каражаттарынын булактары менен жайгаштырууларынын ортосундагы катыштын динамикасы банк тутумунда ликвиддүүлүктүн запасынын уланып жаткан өсүшү жана тартылуучу каражаттарды майнаптуу пайдалануунун төмөндөгөндүгү жөнүндө айгинелеп турат.

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында депозиттердин дюрациясынын көбөйүүсү банк тутумунда кредиттердин дюрациясынын тиешелүү өсүшү менен коштолгон (2.2.2.2-графикти караңыз).

Бүтүндөй алганда, банк тутумунда ликвиддүүлүктүн тобокелдигинин өсүшү жөнүндө тынак чыгаруу үчүн негиздер деле жок экендигин белгилөөгө болот, ошону менен бирге финансылык каражаттардын булактарынын стабилдүүлүгүнүн көрсөткүчүнүн төмөн болгон деңгээли дагы белгиленүүдө.

**2.2.2.1-график. Банк тутумунун ликвиддүүлүк факторлоруна баа берүү**




**2.2.2.2-график. Банк тутумундагы кредиттердин жана депозиттердин дюрациясынын өзгөрүү динамикасы**




[6] Ликвиддүүлүктүн экономикалык ченеми - банктар тарабынан милдеттүү түрдө аткарыла турган ченемдердин бири, Улуттук банк тарабынан 30% деңгээлинен кем эмес белгиленет.

[7] Финансылык каражаттардын булактарынын туруктуулугунун коэффициенти банк тутумунун депозиттеринин жалпы суммасындагы мөөнөттүү депозиттердин үлүшү менен мүнөздөлөт.

[8] "Каражаттардын булактары менен жайгашууларынын катышы" катары депозиттердин кредиттерге катышын түшүнүүгө болот.

**2.2.3.1-график. Депозиттердин концентрациялануусунун өзгөрүүсү**




**2.2.3.2-график. Депозитттердин валюталардын түрлөрү боюнча концентрациялануусу**




### 2.2.3 Концентрациялануу тобокелдиги

*Депозиттердин концентрациялануусунун өзгөчөлүгү.* 2.2.3.1-графикте көрүнүп тургандай, 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында депозиттер рыногунда банктардын биринин максималдуу үлүшүнүн өзгөрбөгөн деңгээлинде банк тутуму боюнча депозиттердин концентрациялануусунун орточо деңгээлинин жогорулагандыгы байкалган. Бул банктын депозиттик рыноктогу максималдуу үлүш менен депозиттердин концентрациялануусунун орточо деңгээлинин ортосундагы олуттуу ажырымдын болушуна таасири (2.2.3.2-графикти караңыз) четөлкө валютасындагы депозиттердин олуттуу деңгээли менен байланыштуу, алар 2.2.1 бөлүгүндө квазиактивдүү операциялар катары аныкталган "ностро" эсептери менен баланстаашат. Аталган банктын депозиттерин эске албаганда, депозиттер рыногунда атаандаштыктын төмөндөшү жөнүндө күбөлөөчү депозиттердин концентрациялануусунун өскөндүгү байкалат (2.2.3.1 жана 2.2.3.2-графиктерде пунктирдик сызык менен белгиленген).

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында "Төрт ири банктын депозиттердин деңгээли боюнча үлүшү" башка көрсөткүчүнүн жардамы менен банк тутумундагы концентрациялануу деңгээлине баа берүү депозиттердин концентрациялануусунун 52,0 пайыздан 57,8 пайызга чейин өскөндүгү жөнүндө ырастап турат. Мында, банктардын курамы, "орточо" банктар тобундагы бир жаңы банкты депозиттер рыногунда анын үлүшүнүн деңгээли боюнча эске албаганда, дээрлик өзгөрүүсүз калган.

*Кредиттердин концентрациялануусунун өзгөчөлүгү.* Банк тутумунун кредиттик портфелинин өсүүсү кредиттердин кредиттер рыногунда бир банктын максималдуу үлүшү боюнча сыяктуу эле, кредиттердин концентрациялануусу деңгээли (индекси) боюнча дагы баалануучу концентрациялануусунун айрым бир төмөндөөсү (2.2.3.3-графикти караңыз) менен коштолууда.

Эгерде, "Төрт ири банктын кредиттеринин үлүшү" көрсөткүчүн карасак, ал олуттуу түрдө өскөндүгүн (24,5 пайыздык пунктка) жана 80,5 пайызды түзгөндүгүн белгилөөгө болот. Мында банктардын курамы өзгөрүүсүз калган жана көрсөткүчтүн өсүшү бул топтогу банктардын биринде кредиттик портфелдин өсүшүнүн натыйжасында болгон, анын жаңыдан берген кредиттеринин жарымы курулуш тармагына жайгаштырылган.

"Депозиттердин деңгээли боюнча төрт ири банк" жана"Кредиттердин деңгээли боюнча төрт ири банк" көрсөткүчтөрүнүн өзгөчөлүгү эки банк гана ушул эки топко кире тургандыгында, мында депозиттердин деңгээли боюнча эң "ири" банк кредиттердин деңгээли боюнча "ири" банк болуп саналбастан, тескерисинче.

Кредиттердин концентрациялануусу көрсөткүчүнүн валюталардын түрлөрү боюнча төмөндөө динамикасы улуттук валютада сыяктуу эле, четөлкө валютасындагы кредиттерди берүүдө банктардын ортосундагы атаандаштыктын өсүшүн чагылдырат (2.2.3.4-графикти караңыз).

2.2.3.5-таблицадагы маалыматтарга негизденүү менен банктардын туракжай кредиттери, айылчарбасын, унааларды, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, даярдоону жана кайра иштетүүнү кредиттөө жаатында иштеринин айрым бир жандануусу байкалгандыгын белгилөөгө болот. Мында банктардын үйчарбасын кредиттөөгө карата кызыкчылыктары олуттуу төмөндөгөн.

Кредиттердин элчарба тармактары боюнча концентрациялануу тобокелдигин анализдөөдө кредиттердин тармактын бардык түрлөрү боюнча "алгылыктуудан" "жогоркуга" чейин концентрациялануу деңгээлине баа берүү сакталгандыгы белгиленүүдө[9].

Ошентип, концентрациялануу тобокелдигин анализдөө банктардын четөлкө валютасындагы сыяктуу эле, улуттук валютадагы кредиттерди жайгаштырууда жана "социалдык кызмат көрсөтүүлөр", транспорт жана туракжайларды алуу тармактарын кредиттөөдө активдүүлүгүнүн өсүшүн көрсөтүүдө.

### 2.3. Капиталдын шайкештиги (адекваттуулугу)

Банктын ишенимдүүлүгүнүн негизги мүнөздөмөсү болуп, анын капиталынын жүзөгө ашырылуучу операциялардын масштабына жана мүнөзүнө шайкештиги саналат. Жетиштүү капитал өзүнчө бир "коопсуздук баштыкчасын" түзөт, ал банкка төлөөгө жөндөмдүү болушуна жана калктын ишенимин колдоосуна мүмкүндүк берет. Банктын капитализация жаатындагы оптималдуу саясаты өздүк капиталдын жетиштүү деңгээлин сактоо аркылуу тобокелдиктин алгылыктуу деңгээлин колдоого тийиш.

Капиталдын шайкештик ченеминин минималдуу маанисинин 12,0 пайыз деңгээлинде белгиленишинде, банк тутумунун капиталынын шайкештигинин орточо деңгээли жети-

**2.2.3.3-график. Кредиттердин концентрациялануусунун өзгөрүүсү**




**2.2.3.4-график. Кредиттердин валюталардын түрлөрү боюнча концентрациялануусу**




**2.2.3.5-таблица. Банктардын иштеринин элчарба тармагын кредиттөө боюнча концентрациялануусу (пайыздар менен)***

| | 1.7.03 | 1.01.04 | 1.07.04 | 01.01.05 | 1.07.05 | Айырма (пайыздык пункттарда) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Өнөржайы | 13,7 | 17,1 | 19,1 | 20,8 | 21,8 | 1,0 |
| Айылчарбасы | 39,9 | 29,2 | 29,1 | 25,9 | 21,6 | -4,3 |
| Транспорт | 33,2 | 31,2 | 45,6 | 31,9 | 26,8 | -5,1 |
| Байланыш | 62,6 | 26,9 | 37,2 | 34,7 | 38,9 | 4,2 |
| Соода | 12,3 | 13,4 | 11 | 12 | 11 | -1,0 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 27,9 | 19,7 | 25,2 | 28,8 | 25,9 | -2,9 |
| Курулуш | 17,8 | 23,7 | 33,6 | 28,8 | 31,1 | 2,3 |
| Туракжайга кредиттер | 61,6 | 27,7 | 21,7 | 16,3 | 12,3 | -4,0 |
| Үй чарбасы | 45,8 | 13,4 | 15,6 | 16 | 23,2 | 7,2 |
| Соц. кызмат корсотүүлор | 16,6 | 67,7 | 71 | 44,3 | 34,1 | -10,2 |
| Жана башкалар | 12 | 12,5 | 12,2 | 13,6 | 13,3 | -0,3 |

* Концентрациялануу Херфиндаль индексининин негизинде аныкталат, ал банктардын тармактарды кредиттөөнүн жалпы көлөмүндөгү салыштырма салмагынын квадраттык суммасы катары эсептелинет. Концентрациялануунун 100% барабар болгон индекси рыноктун толук монополизациялануусун, 50% - бирдей үлүш менен 2 катышуучуну, 33% - 3 катышуучуну жана андан аркыны билдирет.

[9] Концентрациялануу тобокелдигине "жогорку", "алгылыктуу" же" төмөнкү" чекте сыяктуу баа берүү концентрациялануу деңгээлинин жалпы кабыл алынган градациялануусуна негизделген. Алып көрсөк, концентрациялануу тобокелдиги, эгерде, анын деңгээли 10 пайызга чейинкини түзсө "төмөн", 10 пайыздан 20 пайызга чейинкини түзсө "алгылыктуу", ал эми 20 пайыздан жогору болсо "жогорку" деңгээлде деп эсептелинет.

**2.3.1-график. Банк тутумунун капиталынын шайкештик көрсөткүчүнүн өзгөрүүсү**




шерлик жогору бойдон калууда жана 2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 27,5 пайызды түзөт (2.3.1-графикти караңыз). Банк тутумунун капиталынын шайкештигинин көрсөткүчүнүн өсүшүнүн негизги фактору болуп, активдердин тобокелдик боюнча салмактанып алынган өлчөмүнүн төмөндөөсү саналат, бул кирешелүү активдердин көлөмүнүн өсүшү менен айкалышууда банк тутумунун каражаттарын жайгаштырууда бир кыйла консервативдүү ыкма жөнүндө күбөлөп турат. Мында капиталдын шайкештигинин иш жүзүндөгү деңгээли бүтүндөй банк тутумунун ишинде тобокелдиктин жол берилген деңгээлин жогорулатпай эле, тобокелдүү жана кирешелүү активдердин көлөмүн бир жарым эседен көбүрөөккө көбөйтүүгө мүмкүндүк берет. Белгиленгендер банк тутумунун финансылык ортомчулук деңгээлин кеңейтүү үчүн белгилүү потенциалдын бар экендигин күбөлөп турат.

## 2.4. Финансылык натыйжалар

### 2.4.1. Кирешелүүлүк

Банк иштери өзгөчөлүү болгондуктан кирешелердин кадимки булагы болуп пайыздык киреше саналат, ал банктын активдүү операцияларынын кирешелүүлүгүнүн негизги мүнөздөмөсү да болуп саналат.

Банк тутумунун кирешелүү активдеринин негизги үлүштөрүн түзүүчү кредиттик портфелдин өсүүсү менен 2001-жылдан берки мезгил ичинде *накта пайыздык кирешенин* кыйшаюусуз өсүүсү байкалууда. Мында 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында банк тутумунун пайыздык кирешесинин өткөн жылдын ушуга окшош мезгилиндегиге салыштырмалуу олуттуу (же өсүү 62,4 пайызды түзгөн) өсүшү байкалган (2.4.1.1-графикти караңыз).

Банк тутумунда таза пайыздык маржанын түзүлүшүн анализдөө активдердин кирешелүүлүгү милдеттенмелер боюнча чыгашаларга (50 пайыз) караганда төмөнкү арым менен көбөйүп (41,1 пайыз) жатса жана цикликалык мүнөзгө ээ болсо дагы, бирок жыйынтыгында таза пайыздык маржа өсүү тенденциясына ээ экендигин көрсөтүүдө (2.4.1.2-графикти караңыз).

Банк тутумунун суммардык кирешелүүлүгүнүн түзүлүшүндө иштеп жаткан активдердин ар кандай түрлөрүнүн салымы 2.4.1.3-графикте көрсөтүлгөн. Мында кредиттик операциялар боюнча кирешелүүлүк бүтүндөй иштеп жаткан активдердин кирешелүүлүгүнөн дээрлик үч эсеге артат. Мындай олуттуу айырмачылык иштеп жаткан активдердин курамындагы бардык кредиттердин салыштырмалуу салмагы 42,9 пайызды, баалуу кагаздар -13,6 пайызды, ошол эле учурда 0,1 пайыз кирешеси менен иштеп жатышкан башка активдер 43,6 пайызды түзүшкөндүгү менен байланыштуу.

**2.4.1.1-график. Банк тутумунун накта пайыздык кирешесинин өзгөрүү динамикасы**




**2.4.1.2-график. Банк тутумундагы пайыздык маржанын көрсөткүчүнүн**




**2.4.1.3-график. Иштеп жаткан активдердин кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




### 2.4.2. Накта пайда

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында банк тутумунун накта пайдасынын[10] өткөн жылдын ушундай мезгилиндегиге салыштырмалуу 2,5 эседен жогору өсүүсү байкалган (2.4.2.1-графикти караңыз), мында банк тутумунун кирешелеринин чыгашалардын өсүш арымдарынан (43,9 пайыз) олуттуу жогорулагандыгы (103,1 пайыз) байкалат.

Банк тутумунун накта пайдасынын түзүлүүсүндө башка сапаттык мүнөздөмө катары *пайда спрединин*[11] көрсөткүчүн кароого болот (2.4.2.2-график). Алып көрсөк, активдердин кирешелүү базасынын өсүүсү 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында банктардын пайдасынын спрединин өсүүсүнө алып келген, бул банк тутуму тарабынан инвесторлор менен анык сектордун ортосунда финансылык

[10] Пайда жана анын бардык туунду көрсөткүчтөрүн анализдөөдө отчеттуулук бул көрсөткүчтүн жылдын башынан бери топтолушун чагылдыра тургандыгын эске алуу зарыл. Муну менен графиктерде маанилерди жарым жылдын жыйынтыгы боюнча өзүнчө пайдалануу түшүндүрүлөт.

[11] Пайда спреди катары пайыздык кирешелердин кирешелүү активдердин өлчөмүнө карата катышынын жана алар боюнча бул сартпоолор төлөнгөн пайыздык чыгашалар жана милдеттенмелердин ортосундагы айырманы түшүнүүгө болот.

**2.4.2.1-график. Банк тутумунун таза пайдасынын түзүлүүсү**




**2.4.2.2-график. Банк тутумунун кирешелүүлүгүнүн сапаттык көрсөткүчүнүн деңгээлинин динамикасы (пайыздар)**




**2.4.2.3-график. Банк тутумунун чыгашаларынын айрым көрсөткүчүнүн динамикасы**




**2.4.3.1-график. Активдерди пайдалануунун натыйжалуулугунун өзгөрүүсү (ROA)**




ортомчулук функциясын аткаруунун майнаптуулугунун жогорулап жаткандыгын күбөлөй алат.

Банктардын персоналдарга карата сарптоо чыгашалары жаатында алар өсүп жатса дагы, бүтүндөй алганда, пайыздык эмес чыгашалардын айрым бир төмөндөөсү жүрүп жаткандыгын белгилөөгө болот (2.4.2.3- графикти караңыз).

### 2.4.3. Натыйжалуулук

Банк тутумунун натыйжалуулугуна баа берүүдө активдерди пайдалануунун натыйжалуулугу (ROA) жана капиталды пайдалануунун натыйжалуулугу көрсөткүчтөрү (ROE) пайдаланылды (2.4.3.1,2.4.3.2-графиктерди караңыз). 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында активдерди пайдалануунун натыйжалуулугу өскөн жана 2,3 пайызды түзгөн. 2004-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырмалуу бул көрсөткүч 0,4, пайыздык пунктка өскөн, ал эми каралып жаткан мезгилде капиталды пайдалануунун майнаптуулугу 17,3 пайызды, өсүш -5,6 пайыздык пунктту түзгөн.

Ошентип, банк тутумунун натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү жалпысынан оң динамика жөнүндө айгинелеп турат. Мында, ROA жана ROE өсүш арымдарын салыштыруу, ошондой эле банк тутуму боюнча капиталдын шайкештик чеминин жогору болгон орточо мааниси банктардын активдүү операцияларынын кеңейүүсү банк тутумунун өздүк капиталынын потенциалын көрсөтүүчү мүмкүнчүлүккө караганда, кыйла аз натыйжалуулук менен жүзөгө ашырылгандыгы жөнүндө билдирет. Башка тараптан алганда, активдерди пайдалануунун майнаптуулугу аз кирешелүү активдердин төмөндөөсүндө олуттуу жогорулашы мүмкүн.

### 2.5. Банк тутумунун ролу

Финансылык ортомчу катары, финансылык ресурстарды экономиканын тармактары боюнча аларды андан ары бөлүштүрүү үчүн топтоочу банк секторунун мааниси анын өнүгүү деңгээлинен жана иштөө майнаптуулугунан тике көзкаранды.

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында коммерциялык банктар системасынын өнүгүүсүндө алардын ишаракеттериндеги активдүүлүктүн өткөн жылдагыга салыштырмалуу айрым бир басаңдоолору байкалган, анткени март айындагы окуялардан соң депозиттердин айрым бир агылып чыгуусу жүргөн, бул мурда берилген кредиттердин кайтаралышы проблемалары менен бирге, айрым банктар тарабынан жаңы ссудаларды берүүнү убактылуу токтотууга алып келген.

2005-жылдын 1-июлуна карата[12] депозиттердин көлөмүнүн ИДПынын өлчөмүнө карата катышы 10,1 пайызды түзгөн (2004-жылдын жыйынтыгы боюнча анын мааниси 8,7 пайызды түзгөн). Бул көрсөткүчтүн өсүшү отчеттук мезгилде депозиттердин көлөмүнүн бир кыйла жогорку өсүш арымдары менен шартталган. Алып көрсөк, 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында депозиттердин көбөйүүсү 24,8 пайызды түзгөн жана юридикалык жактардын депозиттеринин көлөмүнүн 33,2 пайызга өсүшү менен байланыштуу.

[12] Бул бөлүктө депозиттер катары калктын, ишканалардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана мамлекеттик башка бийлик органдарынын депозиттерин түшүнүүгө болот.

Калктын депозиттеринин көлөмү кароого алынып жаткан мезгилде дээрлик өзгөргөн эмес.

Коммерциялык банктарда жайгаштырылган депозиттердин көлөмүнүн алардан тышкаркы (M0) жана анын ичинде калктын банк тутумуна карата ишенимин чагылдыруучу акча массасына карата катышынын өсүшү уланган. Отчеттук датага карата бул көрсөткүч 90,4 пайызды түзгөн (жылдын башталышына карата - 73,4 пайыз).

Кредиттердин көлөмүн карасак, анын арымы, өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги өсүш арымынан олуттуу түрдө аз болсо дагы, өскөндүгү байкалууда.

Жаңыдан берилген кредиттердин агымын карап көрүү менен 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында берилген кредиттердин көлөмү 4,0 млрд. сомду түзүп, бул 2004-жылдын биринчи жарым жылдыгында берилген кредиттердин көлөмүнө караганда 10,9 пайызга көп. Кардарларга берилген кредиттердин жалпы көлөмүнүн ИДПнын[13] көлөмүнө карата үлүшү 2004-жылдын акырына салыштырмалуу дээрлик өзгөрбөө менен 2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 6,2 пайызды түзгөн.

Кредиттердин көлөмүнүн түзүмүндө 2004-жылдын ушул мезгилиндегиге салыштырмалуу сооданы кредиттөөнүн өсүшү (13,3 пайызга же 0,2 млрд. сомго), кыймылсыз мүлктөрдүн күрөөгө коюлуусу астында кредиттөөнүн көлөмүнүн көбөйүүсү (57,1 пайызга же 0,1 млн. сомго) белгиленген. Ошол эле учурда өнөржай ишканаларына (35,2 пайызга же 0,3 млрд. сомго), даярдоого жана кайра иштетүүгө, транспорт жана байланыш тармактарына берилген кредиттердин көлөмүнүн кыскаргандыгы байкалган.

Кредит боюнча ссудалык карыздардын калктын жана ишканалардын депозиттеринин көлөмүнө карата катышы жыл башына карата абал боюнча 71,2 пайызга караганда 60,9 пайызды түзгөн.

2005-жылдын январь - июнь айларында жаңыдан берилген кредиттердин орточо пайыздык чендеринин улуттук валютада - 23,5 пайыздан 27,5 пайызга чейин, четөлкө валютасында 15,8 пайыздан 18,3 пайызга чейин олуттуу өзгөрүүсү байкалган.

Коммерциялык банктардын иш-аракеттеринин финансылык жыйынтыктарын карап көрүү менен "таза" пайыздык кирешенин ал боюнча пайыздар төлөнүүчү банктардын активдеринин орточо айлык деңгээлине карата катышы бүтүндөй банк тутуму боюнча[14] (жылдык эсептөөдө) 2005-жылдын 1- июлуна карата абал боюнча 7,1 пайызды түзгөн (2004-жылдын акырына карата - 5,3 пайыз), пайыздык маржанын[15] орточо мааниси 6,7 пайызды түзгөн (2004-жылдын акырына карата - 5,1 пайыз).

**2.4.3.2-график. Капиталды пайдалануунун натыйжалуулугунун өзгөрүүсү (ROE)**




**2.5.1-график. Депозиттердин көлөмүнүн динамикасы жана депозиттердин ИДПга карата катышы**




**2.5.2-график. Кредиттердин көлөмүнүн динамикасы жана кредиттердин ИДПга карата катышы**




[13] Маалыматтар 2005-жылдагы ИДПны болжолдоого карата эсептелди (100,8 млрд. сом).

[14] Эсептешүүлөр коммерциялык банктардагы орточо иштеп жатышкан активдер жана милдеттенмелер жөнүндө маалыматтарды эске алуу менен жүргүзүлдү.

[15] Маржа ресурстарды тартуунун жана аларды жайгаштыруунун орточо чендеринин ортосундагы айырманы билдирет.

**2.5.3-график. Ссудалык карыздардын жана тартылган депозиттердин көлөмүнүн катышынын динамикасы**




**2.5.4-график. Активдердин көлөмүнүн динамикасы жана активдердин ИДПга карата катышы**




"Таза "пайыздык кирешенин коммерциялык банктардын активдеринин жана маржасынын орточо деңгээлине карата катышынын өсүшү берилүүчү бир кредитке карата сарптоолордун кыскарышы менен шартталган, бул акыркы учурларда ссудалык карыздардын жана демек, пайыздык кирешелердин олуттуу көбөйүүсү менен байланыштуу. Бирок, башка тараптан алганда, бул экономиканын өсүшүнө бөгөт болот, анткени кредиттерди берүү жаатында кирешелердин өскөндүгүнө карабастан, банктар пайыздык чендерди төмөндөтпөй жатышат. Иштин мындай абалы рынокто кредиттердин жетиштүү болбогон сунушу жөнүндө же жаңы кредиттерге карата суроо-талаптын жогорку деңгээли жөнүндө күбөлөп турат, бул кредиттик кызмат көрсөтүүлөр рыногунда жетишпеген атаандаштыкты айтып турат, ошондой эле чарба жүргүзүүчү субъктилердин иш-аракеттеринин ачык-айкындыгынын төмөнкү деңгээлинин натыйжасы болуп саналат.

Жогорудагы көрсөткүчтөрдүн динамикасы банк тутумунун кирешелүүлүгүнүн жогорулагандыгы жөнүндө, ошондой эле системанын пайыздык чендердин өзгөрүү тобокелдигинен салыштырмалуу түрдө корголушу жөнүндө айгинелеп турат.

Финансылык ортомчулук деңгээлинин көзкарашынан алып караганда, суммардык активдердин ИДПга карата катышынын көрсөткүчүнүн өсүүсүнүн токтотутулушун белгилөөгө болот. Алып көрсөк, 2005-жылдын 1- июлуна карата абал боюнча бул катыш 17,6 пайызды түзгөн (2004-жылдын жыйынтыгы боюнча -18,8 пайыз).

Ушул фактыны эске алуу менен, акыркы эки-үч жылдын ичиндеги туруктуу өсүшкө карабастан, финансылык катышуу жана ортомчулуктун көпчүлүк көрсөткүчтөрү салыштырмалуу төмөнкү мааниге ээ, банк тутумунун иш-аракеттерин өнүктүрүү жана майнаптуулугун андан ары жогорулатуу үчүн потенциал калат.

Банктык тобокелдиктерге баа берүү банк тутумунда кыска мөөнөт ичинде абалдын олуттуу өзгөрүүсү байкалбай тургандыгын көрсөтүүдө. Өлкөнүн экономикасында банк тутумунун ролун андан ары жогорулатуу болжолдонууда. Бирок, бир катар карыз алуучулардын финансылык абалдарынын 2005-жылдын март айындагы окуяларга байланыштуу мүмкүн болуучу начарлоосу (негизинен соода тармагында) коммерциялык банктардын кредиттик портфелинде азыркы учурда билинбей турган келечектеги орто мөөнөттө потенциалдуу жоготуулардын мүмкүн болуучу өсүшү жөнүндө күбөлөп турат. Мында анализ көрсөткөндөй, бул жоготуулар бүтүндөй системанын финансылык абалынын олуттуу начарлоосуна алып келбөөгө тийиш.

# III. БАНКТЫК ЭМЕС ФИНАНСЫ-КРЕДИТТИК МЕКЕМЕЛЕР

## 3.1. Банктык эмес финасы-кредиттик мекемелер системасынын абалы

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер системасы (БЭФКМ)Улуттук банк тарабынан жөнгө салынуучу жана көзөмөлдөнүүчү төмөндөгү мекемелерди камтыйт:

- адистештирилген финансы-кредиттик мекемелер: Кыргыз айыл чарба финансы Корпорациясын (КАФК), Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча Финансы компаниясын (Финансы компаниясы);
- кредиттик союздарды (КС);
- миркокредиттик компанияларды(МКК), микрокредиттик агентстволорду (МКА) камтуучу микрофинансылык уюмдарды (МФУ);
- ломбарддарды;
- алмашуу бюролорун.

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин санынын өсүшү жыл сайын байкалууда ( 3.1.1- таблицаны караңыз)

**3.1.1-таблица Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин санынын динамикасы**

| Аталышы | 2002 | 2003 | 2004 | 2005-жылдын 1-жарым жылдыгы |
|---|---|---|---|---|
| Адистештирилген финансы-кредиттик мекемелер (КАФК, Финансы компаниясы) | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Микрофинансылык уюмдар (МКА жана МКУ) | 0 | 72 | 104 | 128 |
| Кредиттик союздар | 349 | 303 | 305 | 312 |
| Ломбарддар | 85 | 108 | 116 | 127 |
| Алмашуу бюролору | 234 | 261 | 266 | 258 |

Бүтүндөй алганда, БЭФКМдин санынын динамикасы төмөндөгүлөрдү көрсөтөт:

- мекемелердин КС сыяктуу түрлөрү менен рыноктун каныккандыгын;

- МКА жана МКУ санынын өсүшүн, бул алардын кызмат көрсөтүүлөрүнө талаптуулукту жана мамлекет тарабынан сунуштальп жаткан регулятордук чектин ийкемдүүлүгүн көрсөтөт.

**3.1.1-график. БЭФКМдин жана КБдын активдери**




2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында БЭФКМдин активдеринин финансы-кредиттик мекемелердин чогуу алгандагы активдериндеги үлүшү 15,8 пайыздан 17,8 пайызга чейин көбөйгөн (3.1.1-график).

2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин активдери 3 838,25 млн. сомду түзгөн, мында активдердин өсүшү 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында 15,6 пайызды түзгөн. БЭФКМдин активдеринин түзүмүндө бир кыйла көп салыштырма салмакты Кыргыз айыл чарба финансы Корпорациясынын активдери - 50,2 пайызды жана микрофинансылык уюмдардын активдери - 33,6 пайызды ээлейт. Активдердин бир кыйла өсүшү МФУда байкалган. БЭФКМдин активдеринин өсүшү биринчи кезекте, ири МФУдын активдеринин өсүшү жана жаңы ломбарддардын жана МФУдын түзүлүшү менен шартталат.

### 3.2 Кредиттик портфелдин түзүмү

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин ишаракетинин негизги багыты болуп кредиттөө саналат.

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин чогуу алгандагы кредиттик портфели өткөн жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырмалуу 2005-жылдын 1-июлуна карата 29,2 пайызга көбөйгөн жана 3 304,8 млн. сомду түзгөн.

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин чогуу алгандагы кредиттик портфелинин түзүмүндө (3.2.1-графикти караңыз) 51,4 пайыз КАФКнын кредиттерине, 32,2 пайыз - микрофинансылык уюмдардын кредиттерине, 0,4 пайыз- ломбарддардын кредиттерине жана 15,9 пайыз - кредиттик союздардын кредиттерине туура келет, мында КСдын Финкомпаниядан алган кредиттери алардын суммардык кредиттик портфелинен 49,4 пайызды түзгөн.

Областтар боюнча алып караганда (3.2.2-график), кредиттик портфелдин негизги үлүшү Ош, Жалалабат, Чүй жана Ысыккөл областтарына жана Бишкек шаарына туура келет.

2005-жылдын биринчи жарымында банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин кредитинин көпчүлүк көлөмү -56,5 пайыз айылчарбасына жана - 28,4 пайызы соодага жумшалган.

Кредиттик каражаттарды мындай бөлүштүрүү КАФКнын жана микрофинансылык уюмдардын иштеринин өзгөчөлүгү менен шартталган. Алып көрсөк, КАФК БЭФКМдин чогуу алгандагы кредиттик портфелинде эң чоң салыштырма салмакка ээ болуу менен өзүнүн кредиттеринин 83,4 пайызын айылчарбасына, ал эми микрофинансылык уюмдар кредиттеринин 58,8 пайызын соода тармагына багытташат.

Кредиттик портфелдин көлөмүнүн тармактар жана региондор боюнча динамикасы БЭФКМдин кредиттөөгө ынтызарлыгынын туруктуулугун чагылдырууда- БЭФКМдин негизги багыты болуп, айылчарбасы жана соода саналат. Регионалдык активдүүлүк өлкөнүн калк жыш жайгашкан, экономикалык жактан айылчарба жана соода тармактарында активдүү болгон түштүк чөлкөмүндө жогору.

**3.2.1-график БЭФКМдин түрлөрү боюнча 2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча чогуу алгандагы кредиттик портфель** *(млн. сом)*




**3.2.2-график. БЭФКМдин областтар боюнча чогуу алгандагы кредиттик портфели**



### 3.3. Кредиттик портфелдин динамикасы

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер системасынын активдеринин 15,6 пайызга өсүшүндө анын кредиттик портфели 19,2 пайызга көбөйгөн. БЭФКМ активдериндеги кредиттик портфелдин үлүшү акыркы эки жылда адаттагыдай эле, биринчи жарым жылдыкта жогорулаган жана экинчи жарым жылдыктын акырына карата төмөндөгөн. Мындай цикликалык динамика көпчүлүк БЭФКМдин иштеринин сезондук мүнөзү жана карыз алуучулардын бизнестеринин айылчарба тармактарына ык койгондугу менен байланыштуу.

БЭФКМдин суммардык кредиттик портфели 2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 3304,8 млн. сомду түзгөн. Бүтүндөй алганда, БЭФКМдин кредиттик портфели акыркы төрт жылдын ичинде өсүүгө карата туруктуу тенденцияга ээ болгон (3.3.1-график).

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында БЭФКМ системасында активдерди майнаптуу пайдалануунун (ROA) жана капиталды майнаптуу пайдалануунун (ROE) көрсөткүчтөрүнүн айрым бир төмөндөөсү байкалган (3.3.2-график).

**3.3.1-график. Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин кредиттик портфелинин өсүү динамикасы ( млн. сом)**




**3.3.2 -график. БЭФКМдин ROE жана ROA көрсөткүчтөрүнүн динамикасы**




### 3.4. Негизги тобокелдиктер

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин иши негизинен айыл чарбасына жана аны менен байланыштуу элет жеринде жайгашкан бизнеске багытталгандыктан, кредиттердин жогорку концентрациялануу тобокелдиги менен мүнөздөлөт. Белгилүү болгондой, бул тармакты кредиттөө аба ырайынын катаал шарттары жана элет калкынын салыштырмалуу түрдөгү жогору болбогон кирешеси менен байланыштуу болгон жогорку тобокелдик менен байланыштуу.

Айыл чарбасынан тышкары, БЭФКМдин кредиттөөсү сооданы жана коомдук тамактанууну дагы өзүнө камтыйт. Соода тармагында ресурстардын жүгүртүлүшү айыл чарбасындагыга караганда алда канча жогору, бирок баа түзүү менен байланыштуу болгон тобокелдиктер, ошондой эле жогорку атаандаштык алынган кредиттерди пайдалануудан экономикалык эффективдүүлүктү төмөндөтүүдө.

Банктык эмес финансы-кредиттик мекемелер тарабынан берилүүчү кредиттер боюнча пайыздык чендер жетишерлик жогору бойдон калууда, бул банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин, алардын ишинин спецификасы менен байланыштуу болгон өздөрүнүн жогорку тобокелдиктеринин ордун жабууга аракеттенгендиктери, ошондой эле калк тараптан кредиттин ушул түрүнө карата жогорку суроо-талаптын сакталып жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Ошол эле учурда, банктык эмес финансы-кредиттик мекемелердин кредиттери боюнча пайыздык чендин өлчөмү төмөндөөгө карата туруктуу тенденциясына ээ болууда. Алып көрсөк, жарым жылдын башталышынан бери көпчүлүк БЭФКМ чендердин жалпы төмөндөөсүнөн, ошондой эле атаандаштыктардын жогорулоосунан улам өздөрүнүн пайыздык чендерин төмөндөтүшкөн. БЭФКМдин кредиттери боюнча орточо пайыздык чен отчеттук мезгилде МФУда - 29,1 пайызды, КСда - 28,9 пайызды, КАФКда - 16,8 пайызды жана Финкомпанияда - 16,6 пайызды түзгөн.

# IV. ТӨЛӨӨ СИСТЕМИ

## 4.1. Банктык тарифтер жана кызмат көрсөтүүлөр

Отчеттук мезгилдин ичинде Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары банктык кызмат көрсөтүүлөрдү кеңири көрсөтүшкөн. Мындай банктык кызмат көрсөтүүлөргө карата тарифтерди анализдөө кандайдыр бир олуттуу өзгөрүүлөрдүн жок экендигин көрсөтөт.

Азыркы учурда банктар тарабынан акча которуулардын эларалык системасын жайылтуу улантылууда. Коммерциялык банктар акча каражаттарын которууну сегиз эларалык система: Western Union, Migom, Money Gram, Contact, VIP Money Transfer, Анелик, Express Money, Юнистрим боюнча жүзөгө ашырышууда. Акча которуулар ситемасынын негизги артыкчылыгы болуп, алардын ылдамдыгы, коопсуздугу жана банк мекемелеринде эсептерди ачуу зарылчылыгы жок экендиги, ошондой эле акча каражаттарын дүйнөнүн дээрлик кайсы болбосун өлкөсүнө которуу мүмкүнчүлүгүнүн бар экендиги саналат.

Акыркы убактарда банктык кызмат көрсөтүү рыногунда Интернет-банкинг пайдаланылууда. Интернет-банкинг Интернетти пайдаланууга мүмкүн болгон кайсы болбосун жерден төлөмдөрдү учурдагы жана келечек даталарында жүзөгө ашыруу, валюталарды сатып алуу, сатуу жана которуу, өзүнүн эсебиндеги акча каражаттарынын жылышы жөнүндө маалыматты алуу, эсеп боюнча маалыматты алуу, эсептеги калдыктарды байкаштыруу мүмкүндүгүн берет. Мындай система төлөм документтеринин берилген маалыматтарынын архивин түзүүгө жана эсеп боюнча болжолдоого мүмкүндүк берет.

2005-жылдын 1-июнуна карата абал боюнча 2 коммерциялык банк Интернет-банкинг кызматтарын көрсөтөт. Системага биригүү акысыз негизде жүзөгө ашырылууда.

## 4.2. Накталай жана накталай эмес жүгүртүүлөр

***Накталай жүгүртүүлөр.*** *Жүгүртүүдөгү нак акчалардын* жалпы суммасы 2005-жылдын 1-июлуна карата 11 640,4 млн. сомду түзгөн. 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында жүгүртүүдөгү акчалардын өсүшү өткөн жылдын экинчи жарым жылдыгындагыга салыштырмалуу 215,3 млн. сомду, өсүш -1,9 пайызды түзгөн.

Жүгүртүүдөгү акчалардын жалпы суммасынан -333,1 млн. сом же 2,9 пайыз коммерциялык банктардын кассаларында болгон.

Жүгүртүүдөгү акчалардын динамикасы 4.2.1- графигинде көрсөтүлгөн.

Жүгүртүүдөгү акчалардын өсүшү социалдык пакет боюнча мамлекеттик төлөмдөрдү жогорулатуу, өнүгүп келе жаткан чакан жана орто бизнес тараптан накталай акчаларга карата суроо-талаптын өсүшүнө жана накталай эмес төлөм каражаттарынын анча жогору болбогон деңгээлде таркалышына байланыштуу.

**4.2.1-график. Жүгүртүүдөгү акчалардын динамикасы**



**4.2.2-график. Нак акчалардын кайтарымдуулук көрсөткүчүнүн өзгөрүү динамикасы**




**4.2.3-график. Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчалардын кайтарымдуулук көрсөткүчү**




Накталай акчаларды жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн деңгээлин мүнөздөөчү негизги көрсөткүч болуп, коммерциялык банктардын кассаларына нак акчалардын кайтарымдуулугу саналат. 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында *коммерциялык банктардын кассаларына накталай акча каражаттарынын кайтарымдуулугу* 99,0 пайызды түзгөн, бул 2004-жылдын экинчи жарым жылдыгындагыга караганда 0,6 пайыздык пунктка көп. Нак акчалардын кайтарымдуулугунун көрсөткүчүнүн динамикасы 4.2.2-графикте келтирилген.

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында нак акчалардын кайтарымдуулугунун эң жогорку көрсөткүчү Ош областы боюнча - 143,1 пайыз, эң төмөнкү көрсөткүчү Баткен областы боюнча - 32,0 пайыз болгон (4.2.3-графикти караңыз). Бишкек шаары боюнча нак акчалардын кайтарылып келүүсү 110,2 пайызды, Чүй областы боюнча - 109,0 пайызды түзгөн. Накталай акчалардын кайтарымдуулугунун мындай жогорку көрсөткүчүнүн көбүнесе Ош, Бишкек шаарлары, ошондой эле Чүй областы боюнча болушу керектөө рыногунун бир кыйла каныккандыгы, көптөгөн банктардын жана финансы-кредиттик мекемелердин, соода, өнөржай ишканаларынын аталган жерлерде топтолушу менен байланыштуу. Мында бүтүндөй алганда, Ош областы боюнча накталай акчалардын кайтарымдуулугу бир кыйла төмөн экендигин белгилөөгө болот.

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында *коммерциялык банктардын кассаларынан* 29 651,0 млн. сом берилген, бул 2004 жылдын экинчи жарым жылдыгындагыга караганда, 3 178,2 млн. сомго же 10,7 пайызга аз. Накталай акчаларды берүүлөрдүн түзүмү 4.2.4 -графикте көрсөтүлгөн. Накталай акчаларды берүүлөрдүн төмөндөөсү төмөнкү чыгашалар статьялары боюнча болгон:

- четөлкө валюталарын сатып алууга - 599,9 млн. сом же 31,1 пайызга жана 1 926,6 млн. сомду түзгөн;

- башка сарптоолорго - 2 799,3 млн. сом же 13,1 пайызга жана 21 358,9 млн. сомду түзгөн.

Пенсияларды жана жөлөк пулдарды төлөө статьясы боюнча төлөөлөр 214,7 млн. сомго же 8,4 пайызга көбөйгөн. Бул максатта 2 770,2 млн. сом берилген. Пенсия жана жөлөк пулдар статьясы боюнча нак акчаларды берүүнүн өсүшү бул статья боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыздардын толук төлөнүшү менен байланыштуу.

Бюджеттик уюмдарга эмгек акыларды төлөөгө 3 595,2 млн. сом жумшалган жана 2004-жылдын биринчи жарым жылдыгындагыга салыштырганда, бул көрсөткүч мурдагы деңгээлде калган.

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында *коммерциялык банктардын кассаларына 29 356,6 млн. сом келип түшкөн*, бул 2004 жылдын экинчи жарым жылдыгындагыга караганда, 2 943,3 млн. сомго же 10 пайызга аз. Нак акчалардын келип түшүүлөрүнүн төмөндөөсү келип түшүүлөрдүн төмөнкү статьялары боюнча болгон:

- салык, пошлиналар - 222,5 млн. сомго же 8,5 пайызга жана 2 607,3 млн. сомду түзгөн;

- четөлкө валюталарын сатуу - 199,6 млн. сомго же 9,4 пайызга жана 2,122,3 сомду түзгөн;

- башка келип түшүүлөр - 2 521,2 млн. сомго же 10,2 пайызга жана 24 627,0 млн. сомду түзгөн.

Нак акчалардын келип түшүүсүнүн жана берилишинин, алардын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугунун көрсөткүчүнүн өзгөрүүсү 4.2.5-графикте көрсөтүлгөн.

**Накталай эмес акча жүгүртүүлөр.** Бүтүндөй алганда 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында жалпы суммасы 66 11,50 млн. сомду түзгөн банктар аралык 511075 төлөмдөр өткөрүлгөн (4.2.6-график).

Өткөн жарым жылдагыга салыштырмалуу, төлөмдөрдүн көлөмү 6,7 пайызга азайган, ал эми 2004-жылдын биринчи жарым жылдыгындага караганда 6,4 пайызга өскөн.

Өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 2004-жылдын биринчи жарым жылдыгындагыга салыштырмалуу 5,2 пайызга төмөндөгөн.

Банктар аралык төлөмдөрдүн санынын отчеттук мезгилде төмөндөөсү банктар аралык клиринг системасында төлөмдөрдүн санынын азайуусунан болгон (-5,6 пайыз).

Банктар аралык төлөмдөрдүн олуттуу үлүшүн бюджеттик төлөмдөр - Кыргыз Республикасынын Борбордук Казыналыгынын жана Социалдык фондунун төлөмдөрү түзөт. Бюджеттик төлөмдөрдүн жалпы көлөмү (банктар аралык эсептешүүлөрдүн гросстук жана клиринг системаларында өткөрүлгөн) жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча 28 061,2 млн. сомду түзгөн, бул отчеттук мезгилде банктар аралык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө 42,4 пайызды түзөт.

Бюджеттик төлөмдөрдүн жалпы саны 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында 336 078 төлөмдү түзгөн. 2004-жылдын биринчи жарым жылдыгындагыга салыштырмалуу бул көрсөткүч 4,3 пайызга төмөндөгөн.

Банктар аралык төлөмдөрдүн түзүмү төлөмдөрдүн түрү жана багыты боюнча 4.2.1-таблицада келтирилген.

**4.2.1-таблица. Банктар аралык төлөмдөрдүн түзүмү төлөмдөрдүн түрү жана багыты боюнча**

| Төлөмдөрдүн түрү | Саны | Көлөмү (млн. сом) |
|---|---|---|
| Товардык материалдык баалуулуктар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөр | 227 386 | 11430,4 |
| Кирешелер боюнча операциялар | 167815 | 4997,4 |
| Депозиттер боюнча операциялар | 712 | 153,1 |
| Кредиттер боюнча операциялар | 5632 | 7399,3 |
| Четөлкө валюталары менен операциялар | 838 | 4264,3 |
| Баалуу кагаздар менен операциялар | 1051 | 6491,2 |
| Спецификалык төлөмдөр, банктар аралык эсептешүүлөр жана которуулар, регионалдык башкармалыктар жана жүгүртүү кассалары менен операциялар | 47 919 | 28136,7 |
| Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча төлөмдөр | 55180 | 2857,8 |
| Калктын кирешелерин чагылдыруучу төлөмдөр | 4542 | 384,8 |
| **Бардыгы болуп:** | **511 075** | **66 115** |

*Ири төлөмдөр системасы.* 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы эсептешүүлөрдүн гросстук системасы боюнча өткөрүлгөн банктар аралык төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 44,8 млрд. сомду түзгөн жана өткөн жылдын ушуга окшош мезгилиндегиге салыштырмалуу 0,5 пайызга көбөйгөн (4.2.7-график). Банктар аралык гросстук төлөмдөрдүн

**4.2.4-график. 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында нак акчаларды берүүнүн түзүмү**




**4.2.5-график. Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчалардын келип түшүүсү, берилиши жана алардын кайтарымдуулугу**




**4.2.6-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы**



**4.2.7-график. Гросстук система боюнча төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы**




**4.2.8-график. Клирингдик система боюнча төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы**




**4.2.9-график. Клирингдик системада региондор боюнча төлөмдөрдүн көлөмү**




жалпы көлөмүндө жалпы сандын 97,5 пайызы жана 92,3 пайызы тиешелүүлүктөрүнө жараша Чүй областында жана Бишкек шаарында жайгашкан банктардын ортосундагы төлөмдөргө туура келет. Отчеттук мезгилде жыйынтыгы боюнча 2004-жылдын биринчи жарым жылдыгындагыга салыштырмалуу төлөмдөрдүн саны жана көлөмү боюнча максималдуу өсүш Баткен областына (тиешелүүлүгүнө жараша 41,0 пайыз жана 135,0 пайыз) туура келет. Төлөмдөрдүн саны жана көлөмү боюнча төмөндөө Жалалабат (тиешелүүлүгүнө жараша -33,5 жана -27,5 пайыз) жана Талас областтарында (тиешелүүлүгүнө жараша -11,1 жана -44,2 пайыз), ошондой эле төлөмдөрдүн көлөмү боюнча Чүй областы жана Бишкек шаары боюнча (-0,3 пайызды) байкалган.

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында *төлөмдөрдүн клиринг системасы боюнча* 21,3 млрд. сом суммасында 490,7 миң төлөм өткөрүлгөн (4.2.8-график).

Төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн өткөн жылдын ушуга окшош мезгилиндегиге салыштырмалуу өсүшү клирингдик төлөмдөр боюнча анын көбөйүүсү менен шартталган. Төлөмдөрдүн көлөмүнүн көбөйүүсү, четөлкө валюталары (-89,2 пайыз) жана баалуу кагаздар (-56,6 пайыз) менен операциялар боюнча эсептешүүлөр менен байланыштуу төлөмдөрдү эсепке албаганда, клирингдик төлөмдөрдүн дээрлик бардык түрлөрү боюнча байкалган.

Клирингдик төлөмдөрдүн саны жана көлөмү боюнча регионалдык жактан алып караганда, Чүй областы жана Бишкек шаары лидерлерден болуп саналышат, алардын үлүшүнө 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча клирингдик төлөмдөрдүн көлөмүнүн 83,4 пайызы жана санынын 76,9 пайзы туура келет (4.2.9-графикти караңыз).

*Акча которууларды кошо алганда, чекаралар аралык төлөмдөр.*

Азыркы учурда коммерциялык банктар SWIFT, Telex, Банк-Клиент, Электрондук почта системалары аркылуу чекаралар аралык төлөмдөрдү өткөрүү боюнча кызматтарды көрсөтүшүүдө. Төлөмдөрдү өткөрүү үчүн системаларды тандап алуу корреспондент банктар менен келишимдик мамилелер тарабынан аныкталат. 2005-жылдын биринчи чейрегинде провайдердин Sprint системасы боюнча кызматтарды көрсөтүүдөн баш тартуусуна байланыштуу, төлөмдөр бул система аркылуу өткөрүлгөн эмес.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында SWIFT системасына 17 банк мүчө болуп саналат. Алардын ичинен 4 банк SWIFT интерфейси менен өз алдынча иштейт жана 13 банк (Улуттук банкты кошо алганда) ЖПТ SWIFT жалпы интерфейси аркылуу иш алып барышат. SWIFT системасын модернизациялоонун чегинде, май айында банктардын SWIFTAlliance Access 5.5 интерфейсинин жаңы версиясына өтүүлөрү аяктаган.

SWIFT сети боюнча төлөмдөрдү анализдөө төлөмдөрдүн саны боюнча сыяктуу эле, акча которуулардын көлөмү боюнча дагы көрсөткүчтөрдүн активдүү өсүшүн көрсөтөт. Алып көрсөк, 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында чыгыш төлөмдөрүнүн саны 149,8 миң дааналы түзүп, бул өткөн жылдын биринчи жарым жылдыгындагыга караганда 113,3 миң төлөмгө көп. (4.2.10-график).

Чекаралар аралык төлөмдөрдү өткөрүүдө банктар пайдалануучу башка системаларга Банк-Клиент, Интернет -банк, электрондук почта жана башкалар кирет. Эгерде, Telex жана SWIFT төлөмдөрдү берүүдө коопсуздукту жана ишенимдүүлүктү камсыз кылуучу эларалык чөйрөдө таанылган системалар болуп саналышса, анда Банк-Клиент жана электрондук почта системаларын пайдалануу боюнча тобокелдиктер корреспондент банктардын ортосунда келишимдерди бекитүүдө келишилет. Бул системалар бир кыйла арзан болгону менен, кыйла тобокелдүү да болушат.

Кыргыз Республикасына *почталык акча которуулардын* жалпы көлөмү 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында 1701,7 миң АКШ долларын түзгөн, анын ичинде КМШ жана алыскы четөлкөлөрдөн тиешелүүлүктөрүнө жараша -811,6 жана 890,6 миң АКШ долларын түзгөн. Ошол эле учурда Кыргыз Республикасынан которуулар болгону 221,9 миң АКШ долларын түзгөн. Анын үстүнө, которуулар КМШ өлкөлөрүнө гана жүзөгө ашырылган. Кыргыз Республикасына жана андан почталык которуулардын ортосундагы оң айырма отчеттук мезгилде 1479,9 миң АКШ долларын түзгөн (4.2.11-график).

Отчеттук мезгилде КМШ жана алыскы четөлкөлөрдөн Кыргыз Республикасына почталык которуулардын көрсөткүчтөрүнүн 2004-жылдын ушуга окшош мезгилиндеги маалыматтар менен салыштырмалуу анализдөө акча каражаттарынын агымынын 4,6 пайызга төмөндөөсүн көрсөтөт. Мындай төмөндөө банк тутуму аркылуу акча которуулар боюнча калктын аракетинин акырындап өзгөрүүсү менен түшүндүрүлөт. Банктар акча которуулар үчүн кеңири маанидеги кызмат көрсөтүүлөрдү кыйла кыска убакытта жүзөгө ашырышат жана банктык акча которуулар системасын пайдалануучу өлкөлөрдүн географиясын олуттуу кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

*Банктык төлөм карттары менен эсептешүү системасы.*

2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча эквайрингди жана кардарларды банктык карттарды пайдалануу менен эсептешүү-кассалык тейлөөнү 15 (20нын ичинен) финансы-кредиттик мекемелер жүргүзгөн, алардын ичинен 8 эмитент болуп саналышат жана эларалык (7 банк) жана локалдык (3 банк) системаларынын карттарын чыгарышат.

Visa International эларалык төлөө системасынын ассоциацияланган катышуучусу статусуна 4 банк ээ ( ЖАК Демир Кыргыз Интернэшнл банк, ААК "Кыргызстан", ААК " КыргызстанКазкоммерцбанкы", ААК "Энергобанк").

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында акча каражаттарынын кыймылы карттардын төмөндөгү түрлөрүн пайдалануу менен жүзөгө ашырылган: Visa, Master Card, Алай -Кард, "Демир-24" жана Union Card.

Эмитирленген карттардын саны боюнча көрсөткүчтөр алардын туруктуу өсүшүн көрсөтөт, бул банктардын жаңы кардарларды тартуу боюнча активдүү иш-аракеттери, калк арасында банктык карттардын популярдуу болуусу менен жана бүтүндөй инфраструктуранын өсүшү менен түшүндүрүлөт. Алып көрсөк, чыгарылган карттардын саны 2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 15 266 түзгөн жана 2004-жылдын ушундай мезгилиндегиге караганда 41,1 пайызга көбөйгөн (4.2.12-график). Карттардын түрлөрү боюнча алганда эмитирленген карттардын саны төмөндөгүлөрдү түзөт:

**4.2.10-график. SWIFT түйүнү боюнча транзакциялардын динамикасы (миң даана)**




**4.2.11-график. Почта аркылуу акча которуулардын динамикасы**



**4.2.12-график. Эмитирленген карттардын саны**




**4.2.13-график. Транзакциялардын санынын динамикасы**




*эларалык системалар боюнча* Visa - 3 042 (47 корпоративдик); Master Card - 1 089 (174 корпоративдик);

*локалдык система боюнча* - Алай-Кард - 7 135 (157 корпоративдик), алардын ичинен 158 магниттик тилке менен; Демир-24 - 3 948; Укркарт -52 (50 корпоративдик).

Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын бири Укркарт магниттик карттарын чыгарат, алар Украина Республикасында гана эмгек акы долбоорлорунун чегинде тейлөөгө пайдаланылат. Кыргыз Республикасынын аймагындагы терминалдарда жана банкоматтарда Укркартты тейлөөгө кабыл алынбайт.

2005-жылдын 24-март айындагы окуялардан кийин жабдуулардын бузулуусу себебинен жана жаңыларды ишке киргизүүдө кыйынчылыктарга байланыштуу, бир катар коммерциялык банктар 2005-жылдын экинчи чейрегинин ичинде эларалык карттарды пайдалануу менен акча каражаттарын нак түргө келтирүү боюнча операцияларды жүзөгө ашырышкан эмес.

Локалдык система боюнча өткөрүлгөн транзакциялардын саны биринчи жарым жылдыкта 163 310 транзакцияны түзгөн (4.2.13-график). Алардын ичинен Алай-Кард боюнча 87 335 (локалдык жана эларалык системалар боюнча транзакциялардын жалпы санынан 34 пайызды), "Демир-24" боюнча -75 953 (29,6 пайыз) жана Union Card боюнча - 22 транзакция (0,02 пайыз) өткөрүлгөн. Эларалык система боюнча транзакциялардын саны 93 456 транзакцияны түзөт. Visa жана Master Card боюнча тиешелүүлүгүнө жараша, 69 763 жана 23 693 транзакцияны (локалдык жана эларалык системалар боюнча транзакциялардын жалпы санынын 27,2 жана 9,2 пайыз) түзгөн.

Локалдык система боюнча өткөрүлгөн транзакциялардын көлөмү 297,3 млн. сомду (4.2.14-график) түзгөн. Алардын ичинен Алай-Кард боюнча 151,0 млн. сом (локалдык жана эларалык системалар боюнча транзакциялардын жалпы көлөмүнөн 19,9 пайыз), "Демир-24" боюнча -146,0 млн. сом (19,2 пайыз) жана Union Card боюнча -0,4 млн. сом (0,05 пайыз) өткөрүлгөн. Эларалык система боюнча транзакциялардын көлөмү 462,3 млн. сомду түзгөн. Visa жана Master Card боюнча көлөмдөр тиешелүүлүгүнө жараша, 360,0 жана 102,3 млн. сомду (47,4 жана 13,5 пайыз) түзгөн.

Үч коммерциялык банк эларалык жана локалдык системалардын карттары базасында эмгек акы долбоорлорун жүзөгө ашыруу боюнча иштерди улантып жатышат. Бүтүндөй алганда, 90 эмгек акы долбоору 8 033 жалпы сандагы карттар менен жүзөгө ашырылган. Дал ошол долбоорлорду жүзөгө ашыруунун эсебинен төлөм карттары рыногунда өсүш жүрүүдө, ошону менен катар локалдык системалар боюнча карттардын эмиссиясынын жарымынан көбү "эмгек акы" долбооруна туура келет.

**4.2.14-график. Транзакциялардын көлөмүнүн динамикасы**



# V. РЕАЛДУУ СЕКТОРДУН АБАЛЫ

## 5.1. Үй чарбасы

Үй чарбаларынын 2004-жылдагы айкын керектөөлөрү 9,9 пайызга өскөн жана 82004,5 млн. сомду түзгөн, бул ИДПнын 87,2 пайызын түзөт (мисалы, 2002-жылы бул көрсөткүч ИДПнын 75,4 пайызын түзгөн).

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында номиналдык орточо айлык эмгек акы 2364,6 сомду түзүү менен 2004-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда номиналдык мааниде алганда 15,3 пайызга жана реалдуу мааниде алганда 10,3 пайызга өскөн. Өз кезегинде минималдуу керектөө бюджетинин наркы 2005-жылдын январь-июнь айларында 1856,8 сомду түзгөн (2004-жылдын биринчи жарым жылдыгында 1722,83 сом).

### 5.1.1. Финансы-кредиттик мекемелердин алдындагы милдеттенмелер

Үй чарба секторунун 2005-жылдын 1-июлуна карата банк тутумунун алдындагы милдеттенмелери 1,5 млрд. сомду түзүү менен акыркы үч жылдын ичинде 4,7 эсеге, ал эми 2004-жылдын 1-июлунан тартып кийинки мезгилге салыштырганда 1,6 эсеге өскөн. Милдеттенмелердин түзүмүндө, мурдагыдай эле четөлкө валютасындагы кредиттердин өсүшү тенденциясы байкалууда (5.1.1.1-графикти караңыз).

**5.1.1.1-график. Жеке адамдардын банктардын алдындагы милдеттенмелери**




Улуттук валютадагы милдеттенмелер 2005-жылдын 1-июлуна карата 555,9 млн. сомду түзгөн жана акыркы үч жыл ичинде 4,5 эсеге өскөн, ал эми четөлкө валютасындагы милдеттенмелер 4,8 эсеге өсүү менен 922,3 млн. сомду түзгөн жыйынтыгында, кредиттердин түзүмү төмөнкүчө калыптанган: 37,6 пайыз - улуттук валютада жана 62,4 пайыз четөлкө валютасында (2002-жылдын 1-июлуна карата - тиешелүүлүгүнө жараша 39,1 жана 60,9 пайыз).

2004-жылдын 1-июлуна карата абалга салыштырганда курулушка жана кыймылсыз мүлктү сатып алууга берилген кредиттер - 42 пайызга, айылчарбасына - 16,9 пайызга, соодага - 13,3 пайызга олуттуу өсүшкө ээ болгон. 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында ушул кредиттердин берилген кредиттредин жалпы көлөмүндөгү үлүшү 48,3 пайызды түзгөн, анын ичинде соодага 37,1 пайызды, өнөржайына 10,4 пайызды, курулушка 9,8 пайызды түзгөн.

Ошону менен катар эле, даярдоо жана кайра иштетүүгө кредиттер 77,4 пайызга, транспорт жана байланышка 46,5 пайызга жана өнөржайына 35,2 пайызга кыскарган.

Жеке жарандарга берилген кредиттердин көлөмү 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында 2004-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 26 пайызга көбөйгөн, бирок анын берилген кредиттердин жалпы өлчөмүндөгү үлүшү акырындык менен 9,1 пайыздан 8,6 пайызга чейин төмөндөгөн. Жаңыдан берилген керектөө кредиттеринин жалпы агымы 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында 414,8 млн.сомду түзгөн. Жеке жарандарга улуттук валютада 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен 28,2 пайызды, ал эми четөлкө валютасында берилген кредиттер боюнча чен 21 пайызды түзгөн.

Калайык-калкты кредиттөөнүн өсүшү калктын экономикалык активдүүлүгүнүн өсүшү жана акыркы жылдардагы макроэкономикалык абалдын туруктуу болушу менен шартталган.

Банк тутумундагы финансылык ортомчулук деңгээлинин өнүгүшүнө басаңдаткан негизги фактордон болуп, калктын кирешелеринин дале төмөнкү деңгээлде калуусу саналат.

### 5.1.2. Калктын жыйымдары

Акыркы үч жыл ичинде жеке адамдардын коммерциялык банктардагы депозиттеринин жана аманаттарынын көлөмү иштеп турган коммерциялык банктардын регулятивдик отчетторундагы маалыматтар боюнча 2,2 эсеге көбөйгөн (5.1.2.1-графигин караңыз) жана 2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 2085,1 млн. сомду түзгөн. Салыштыруу үчүн ала турган болсок: 2004-жылдын 1-июлуна карата - 1801,3 млн. сом. Буга, акыркы жылдары жетишилген макроэкономикалык жагдайдын турукташуусу, инфляция деңгээлинин төмөндүгү, калктын айкын кирешелеринин жана жыйымдарынын деңгэлинин өсүшүнүн негизинде жетишилген.

Аманаттардын түзүмүндө да өзгөрүүлөр жүргөн. Мында, акыркы үч жылдын ичинде четөлкө валютасындагы аманаттардын өсүшү байкалууда. Эгерде 2002-жылдын 1-июлуна карата аманаттардын тең жарымы гана четөлкө валютасында болгон болсо, 2005-жылдын 1-июлуна карата ушул аманаттар үлүшү 63 пайызга чейин көбөйгөн, бул 2004-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 0,6 пайыздык пунктка төмөн.

Банк тутумунун чыңдалуусу жана банктык кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнүн кеңейүүсү жеке адамдардын утурумдук эсептериндеги каражаттардын көбөйүүсүнө алып келген, демек, төлөөлөрдү өткөрүүдө банктардын ортомчулук ролу да арткан.

2004-жылдын 1-июлуна карата абалга салыштырганда улуттук валютадагы талап боюнча төлөнүүчү депозиттерде эң чоң өсүш катталган - ал 32,2 пайызды түзгөн. Четөлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттер боюнча бул мезгил аралыгындагы өсүш арым 27,2 пайызды, ал эми улуттук валютада - 11,4 пайызды түзгөн.

Аманаттардын жана депозиттердин түзүмүндөгү өзгөрүүлөр чендердин өзгөрүүсү менен коштолгон. Алып көрсөк, акыркы үч жылдын аралыгында талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин чени четөлкө валютасындагы депозиттер боюнча алардын биразга - 0,22ден 0,26 пайызга чейин өсүшү менен мүнөздөлгөн, ал эми улуттук валютадагы депозиттер боюнча 1,16 пайыздан 1,13 пайызга чейин төмөндөө жүргөн.

Бүтүндөй алганда, үй чарбасынын депозиттеринин көлөмүнүн абсолюттук өсүшүнө карабастан, алардын банк тутумунун депозиттеринин түзүмүндөгү үлүшү 2004-жылдын 1-июлундагы 48,5 пайыздан 2005-жылдын 1-июлундагы 45,2 пайызга чейин азайган.

**5.1.2.1-график. Жеке адамдардын салымдары**



## 5.2. Корпоративдик сектор

### 5.2.1. Финансы-кредиттик мекемелердин алдындагы милдеттенмелер

2005- жылдын 1-июлуна карата юридикалык жактардын саны 62,7 миң субүектти түзгөн жана 2004-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 7,7 пайызга өскөн. Юридикалык жактардын жалпы санынан олуттуу үлүш соода, автомобилдерди жана үй-тиричилиги буюмдарын оңдоо чөйрөсүндө катталган - 27,7 пайыз, коммуналдык жана социалдык кызмат көрсөтүү жагында - 18,8 пайыз, өнөржайында - 12 пайыз. Республиканын бардык ишканаларынын олуттуу бөлүгү - 86,4 пайызы жеке менчикте турат. Өлчөмү боюнча ишканалар жана уюмдар 2005-жылдын башталышына карата үлүшү 88,2 пайызды түзгөн "чакан"[16] жана 8,1 пайызды түзгөн "орто", 3,7 пайызды түзгөн "ири" ишканаларга бөлүнөт.

**5.2.1.1-график. Корпоративдик сектордун коммерциялык банктардын алдындагы карызынын динамикасы**




Ишканалардын жана уюмдардын иштеп турган коммерциялык банктардын алдындагы чогуу алгандагы карызы акыркы үч жыл ичинде көбөйүү жагына ыктаган. 2005-жылдын 1-январына карата абал боюнча 5488 млн. сомду түзүү менен акыркы жыл ичинде 38 пайызга көбөйгөн. (5.2.1.1. графикти караңыз). Натыйжасында четөлкө валютасындагы кредиттердин тез арымында улам, алардын салыштырмалуу салмагы 2,3 пайыздык пунктка өсүү менен 2005-жылдын 1-июлуна карата ишканалардын милдеттенмелеринин жалпы суммасы 73,8 пайызды түзгөн.

Кароого алынып жаткан жылдын 1-июлуна карата абал боюнча улуттук валютада берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен өнөржай үчүн жылдык 23,8 пайызды, айылчарбасы үчүн - 24.5 пайызды, транспорт жана байланыш үчүн 23,5 пайызды жана соода үчүн 28,2 пайызды түзгөн.

Ал эми 2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча четөлкө валютасында берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен өнөржай үчүн 16,3 пайызды, айылчарбасы үчүн - 21,9 пайызды, транспорт жана байланыш үчүн 21,5 пайызды жана соода үчүн 18,7 пайызды түзгөн.

Акыркы үч жылдын ичинде жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин төмөндөөсү жүрүүдө, бул инфляция деңгээлинин төмөндөөсү, акыркы жылдары финансы секторунун чыдалуусу жана ушул негизде кредиттөө рыногунда атаандаштыктын күч алышы, анын ичинде банктык жана банктык эмес мекемелердин ортосунда атаандаштыктын артышы менен шартталган.

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгы үчүн улуттук валютадагы кредиттер боюнча чендер - 24,1 пайыздан 24,3 пайызга чейин, ал эми четөлкө валютасында 18,0 пайыздан 19,55 пайызга чейин өскөн.

[16] Улуттук статитстика комитетинин классификациясында "чакан" ишканалар катары 50 адамга чейин жумуш менен камсыз кылган ишканалар, "орто" ишкана катары 51-200 чейин адамды камтыган, ал эми 201ден ары адамдарды иш менен камсыз кылган ишканалар ири ишкана болуп саналат.

### 5.2.2. Дебитордук жана кредитордук карыздардын абалы

Акыркы үч жылдын ичинде реалдуу сектордун ишканаларында кредитордук сыяктуу эле, дебитордук карыздардын суммаларынын айрым бир өсүшү байкалууда. Ошол эле учурда 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча анын бир аз төмөндөөсү катталган (5.2.2.1.-графикти караңыз).

Абсолюттук мааниде алганда ишканалардын жана уюмдардын 2005-жылдын 1-июлуна карата дебитордук карызы 24311,5 млн. сомду түзүү менен жылдын башталышына салыштырганда 5,4 пайызга кыскарган. Ички дебитордук карыздын үлүшү 78,9 пайызды түзгөн.

Дебитордук карыздардын жалпы үлүшүндө эң олуттуу салыштырмалуу салмакты өнөржай ишканалары ээлейт - 66,7 пайыз, анын ичинде электрэнергиясын иштеп чыгуу жана бөлүштүрүү боюнча ишканалар - 45 пайыз, соодалы уюштуруу, автомобилдерди жана турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектөө буюмдарын оңдоого - 15,5 пайыз, транспорт жана байланышка - 8,6 пайыз, курулуш уюмдарына 5,4 пайыз туура келет.

Мөөнөтүндө өткөрүлүп жиберилген дебитордук карыздардын көлөмү 2005-жылдын башталышына салыштырганда иш жүзүндө өзгөргөн эмес жана ушул эле жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 5981,7 млн. сомду же дебитордук карыздардын жалпы өлчөмүнө карата 24,6 пайызды түзгөн.

Мөөнөтүнөн өткөрүлүп жиберилген карыздын 68,5 пайызы электрэнергиясын, газды, бууну жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү ишканалары тарабынан, ал эми 15,4 пайызы кайра иштетүү өнөржайы, 4,6 пайызы транспорт жана байланыш ишканалары тарабынан жол берилген.

Кредиттик карыз өсүш тенденциясына ээ болууда жана 2005-жылдын 1-июлуна карата 31916,5 млн. сомду түзгөн, мында ички кредиттик карыздын үлүшү 70,9 пайызды түзгөн.

Бүтүндөй алганда корпоративдик сектор үчүн мөөнөтүнөн өткөрүлүп жиберилген кредиттик карыздын жалпы кредиттик карызга карата катышы төмөндөө тенденциясына ээ жана 2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 10 пайызды түзгөн (2004-жылдын 1-июлунда - 12,5 пайыз). Улуттук статистика комитетинин маалыматтары жана Улуттук банктын эсептөөлөрү боюнча бул катыштын эң эле олуттуу деңгээли 2005-жылдын 1-июлуна карата ишкердиктин төмөндөгү түрлөрү боюнча ишканаларга жана мекемелерге тиешелүү:

- коммуналдык, социалдык жана персоналдык кызмат көрсөтүүлөр - 36,9 пайыз;
- тоокендерин казып алуу өнөржайы - 35 пайыз;
- финансы ишкердик - 28,3 пайыз.

Кредитордук карыздардын дебитордук карыздардан олуттуу артып турушу химия өндүрүшүндө катталган, ал жерде бул коэффициенттин өлчөмү 2005-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 8,5, мейманкана-ресторан бизнесинде - 3,1, жыгач жана андан буюм жасоо өндүрүшү - 2,8, тоокенин казып алуу өнөржайында - 2,5 түзгөн.

**5.2.2.1-график. Корпоративдик сектордун дебитордук жана кредитордук карызынын динамикасы**



### 5.2.3. Финансылык натыйжалар

Кароого алынып жаткан жылдын биринчи кварталындагы реалдуу сектордун ишканаларынын операциялык ишкердиктен алган пайдасы 2004-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 9 пайызга көбөйгөндүгүн жана 3805,8 млн. сомду түзгөндүгүнө карабастан, баланстык пайда 2,8 эсеге төмөндөгөн жана 2553,5 млн. сомду түзгөн. 2004-жылы металлургия өнөржайы ишканалары операциялык эмес ишкердиктен олуттуу киреше алгандыгы мунун негизги себебинен болуп саналат.

2004-жылдын биринчи жарым жылдыгына салыштырганда 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында тоокендерин казып алуу ишканаларынын операциялык пайдасынын көрсөткүчү 11,2 эсеге, ал эми кайра иштетүү өнөржайы 6,1 пайызга төмөндөгөн. Электрэнергияны, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү ишканалары 107,8 млн. сом суммасында пайда алышкан (2004-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча ушул тармактын ишканаларынын чыгашасы 129,7 млн. сом). Мейманкана-ресторан бизнеси операциялык пайда көрсөткүчүн 23,9 пайызга, транспорт жана байланыш сектору 23,3 пайызга жогорулаткан.

2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында баланстык пайданын негизги көлөмү металлургия өндүрүшү ишканаларында - 827,3 млн. сом, байланышта - 776,4 млн. сом, дүң соода жана агенттер аркылуу соода жүргүзүүчү уюмдарда - 330,8 млн. сом, башка металл эмес продукцияларды өндүрүү ишканаларында - 298,3 млн. сом, транспорт ишканаларында - 388,3 млн. сом суммасында катталган. 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында электрэнергияны, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү ишканаларында олуттуу баланстык чыгашаларга жол берилген, ал 367,9 млн сомду түзүү менен 2004-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 351,1 млн. сомго жогору болгон.

Рентабелдүү эмес ишканалардын 2005-жылдын 1-жарым жылдыгындагы үлүшү отчет берип жаткан ишканалардын жалпы санынын 43 пайызын түзгөн жана өткөн жылдын ошол көрсөткүчү деңгээллинде сакталып калган.

Бүтүндөй алганда, 2005-жылдын биринчи жарым жылдыгында реалдуу сектордун ишканаларынын финансылык натыйжаларынын айрым бир басаңдоосу байкалган.

# VII. АТАЙЫ МАСЕЛЕЛЕР

## Банктык мыйзамдарды өркүндөтүү маселелери

Банк тутумунун өнүгүшү банктык мыйзамдарды өркүндөтүү менен коштолуп жүрүүгө тийиш жана бул кандайдыр бир деңгээлде канчалык ыкчам жүзөгө ашырылышына жараша болот. Банктык мыйзамдарды өркүндөтүү өлкөнүн банк жана укуктук системаларынын тиешелүү маалыматтык, усулдук, илимий, жана кадр потенциалын интенсификациялоону талап кылат.

Учурда, Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарынын калыптануу баскычынын аягына чыккандыгы жөнүндө айтууга болот жана аны андан ары өнүктүрүү жана өркүндөтүү баскычы түптөлдү. Атап айтканда, ушул иштин негизги багыттардын биринен болуп, экономикалык ченемдерди жөнгө салууну, консолидацияланган көзөмөлдүктүн, корпоративдик башкаруунун нормаларын киргизүүнү кошо алганда, алгылыктуу банктык көзөмөлдүктү жүргүзүү маселелери боюнча эларалык банктын шериктештик тарабынан кабыл алынган жоболорду жүзөгө ашыруу саналат. Бул жерде өзүнчө бир банктык кодекс түрүндө калыпка салынган банктык мыйзамдар маанилүү роль ойноого тийиш. Ал бирдиктүү структуранын алкагында ишкердиктин банктын чөйрөсүнө таандык болгон мыйзамдык нормаларды топтоштурууга тийиш.

